Демократиялык Институттар жана Адам Укуктары боюнча Бюросу

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

## ПАРЛАМЕНТТИК ШАЙЛООЛОР
## 10-октябрь 2010-жыл

**ЕККУ/ДИАУБ Шайлоого Байкоо Миссиясынын Отчету**

**Варшава**
**20-декабрь 2010-жыл**

## Мазмуну


**I. КЫСКАЧА БАЯНДАМА....... 1**

**II. КИРИШҮҮ ЖАНА ЫРААЗЫЧЫЛЫК СӨЗҮ ....... 4**

**III. КЫСКАЧА ТАРЫХ....... 5**

**IV. ШАЙЛОО СИСТЕМАСЫ ЖАНА УКУКТУК НЕГИЗ....... 6**

A. Шайлоо Системасы ....... 6
B. Укуктук Негиз ....... 7

**V. ШАЙЛООНУ БАШКАРУУ....... 9**

**VI. ШАЙЛООЧУЛАРДЫ КАТТОО....... 11**

**VII. ТАЛАПКЕРЛЕРДИ КАТТОО ....... 14**

**VIII. ШАЙЛОО ӨНӨКТҮГҮ ....... 14**

**IX. ПАРТИЯ ЖАНА ҮГҮТ ИШТЕРИН КАРЖЫЛОО....... 16**

**X. МАССАЛЫК МААЛЫМДОО КАРАЖАТТАРЫ ....... 17**

A. Укуктук Негиз ....... 17
B. Маалымат Чөйрөсү....... 19
C. Үгүт Иштерин Массалык Маалымдоо Каражаттарында Чагылдыруу....... 20

**XI. АЯЛДАРДЫН КАТЫШУУСУ ....... 22**

**XII. УЛУТТУК АЗЧЫЛЫКТАРДЫН КАТЫШУУСУ ....... 23**

**XIII. АРЫЗДАР ЖАНА АППЕЛЯЦИЯЛАР ....... 24**

**XIV. ЖЕРГИЛИКТҮҮ ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК БАЙКООЧУЛАР ....... 25**

**XV. ШАЙЛОО КҮНҮ....... 25**

A. Добуш Берүү Процедуралары....... 26
B. Саноо Процедуралары ....... 27
C. Жыйнтыктарды Чыгаруу ....... 28

**XVI. ЖЫЙЫНТЫКТАРДЫ ЖАРЫЯЛОО ЖАНА ШАЙЛООДОН КИЙИНКИ КЫРДААЛ ....... 28**

**XVII. СУНУШТООЛОР....... 31**

A. Негизги Сунуштоолор....... 31
B. Башка Сунуштоолор ....... 33

**ТИРКЕМЕ: ШАЙЛООНУН РАСМИЙ ЖЫЙЫНТЫГЫ ....... 37**

**ЕККУ/ДИАУБ ЖӨНҮНДӨ ....... 39**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ПАРЛАМЕНТТИК ШАЙЛОО**
**10-октябрь 2010-жыл**

**ЕККУ/ДИАУБ Шайлоого Байкоо Миссиясынын Жыйынтыктоочу Отчету**[1]

## I. КЫСКАЧА БАЯНДАМА

2010-жылдын 10-октябрында өткөн парламенттик шайлоого байкоо салуу үчүн Кыргыз Республикасынын Тышкы Иштер Министринин чакыруусунан кийин 2010-жылдын 7-сентябрында ЕККУнун Демократиялык институттар жана адам укуктары боюнча Бюросу (ЕККУ/ДИАУБ) шайлоого байкоо Миссиясын (ШБМ) жиберди. ЕККУ/ДИАУБ шайлоо жараянын демократиялык шайлоолорго болгон ЕККУ милдеттенмелерине жана башка эл аралык стандарттарына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына шайкеш келүүсүнө баа берет. ЕККУ/ДИАУБ шайлоо күнү ЕККУ Парламенттик Ассамблеясынын (ЕККУ ПА) жана Европа Парламентинин (ЕП) байкоочулар делегациясы менен чогу байкоо салды.

Бул парламенттик шайлоо демократиялык процесстин мындан ары бекемделишин негиздеди. Бул шайлоону саясий плюрализм, жандуу шайлоо өнөктүгү жана шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясына (БШК) көрсөтүлгөн ишенич коштоду. Бийлик ЕККУ милдеттенмелерине жооп берген демократиялык шайлоолорду өткөрүүгө саясий эрк көрсөттү. Бирок шайлоо боюнча мыйзамды терең реформалоо зарылдыгы курч турат.

Парламентте орун алуу үчүн саясий партиялар, шайлоого катышкан шайлоочулардын санынын негизинде эмес, катталган шайлоочулардын санынын негизинде саналган өлкө боюнча 5 пайыздык жана аймактар боюнча 0.5 пайыздык босогодон өтүүсү керек болду. Өлкөнү стабилдештирүү максаты менен коюлса да, сейрек учуроочу аймактык босого пропорционалдык өкүлчүлүк алдында турган максаттын ишке ашуусуна жолтоо болот. Алган добушуна карабай, партиянын орундарын 65ке чектеген жаңы Конституцияда каралган жобо адамдар каалосун эркин билдирүү мүмкүндүгүнө шек тийгизет, бирок аны башка жактан караганда, плюралисттик парламентти түзүүдө өткөөл чара катары эсептесе болот.

Шайлоого тийиштүү укуктук негиз жаңы Конституция менен шайкеш келтириле элек. Шайлоодо кызыкдар тараптар, мыйзамдагы келишпестиктерди жөнгө салуу үчүн убактылуу чара болуп саналган БШКнын жылчыктарды толтуруу бийлигин жалпылай таанышкан. Мыйзым көз карандысыз талапкерлердин парламенттик шайлоого катышуусуна жол бербейт. Бул ЕККУ милдеттенмелерине каршы келет. Мыйзам,

[1] Бул отчетту кыргыз жана орус тилдеринде окуса болот. Бирок англис тилиндеги отчет анын бирден-бир расмий нускасы болуп эсептелет.

депутаттардын өз каалоосу менен кайсы бир парламенттик фракцияга кирүү же андан чыгуу укугунан ажыратат жана камакта отурган жарандардын добуш берүү укугун катуу чектейт.

БШК өкмөттөн жана башка кызыкдар топтордон көз карандысыз иш алып барды, жана төмөнкү деңгээлдеги шайлоо комиссиялары да ушул сыяктуу иш алып барууга аракет кылды. БШК жалпысынан коллегиалдык жана ачык-айкын түрдө иш алып барды жана шайлоодо кызыкдар тараптардын ишеничине ээ болду. Кызматкерлердин тартыштыгына карабай, БШК жалпысынан өз ишин дурус жана берилген мөөнөттүн ичинде алып барды. БШК шайлоонун тазалыгын бекемдөөгө багытталган мактоого татыктуу кошумча кепилдиктерди киргизүү аракеттерин жасады; анын ичине шайлоочулардын бармагына сыя коюу талабы кирет. Бирок айрым процедуралар кечиктирүү менен киргизилген же жакшы такталган эмес жана төмөнкү деңгээлдеги комиссияларга начар түшүндүрүлгөн. Төмөнкү деңгээлдеги комиссия мүчөлөрү тийиштүү тажрыйбасы болгон эмес. Мындай факторлор комиссия кызматкерлеринин шайлоо күнү иш алып баруусуна терс таасирин тийгизди.

Шайлоочулар тизмелеринин сапаты жана тактыгы олуттуу маселе бойдон калууда. Өлкө же аймак боюнча кайчы текшерүүлөрдүн жоктугунан тизмелер көптөгөн окшош маалыматты камтыган. Ошол эле учурда, жарандардын санын алганда, добуш берүү укугу бар жарандардын бардыгы шайлоого катышууга катталган эмес. Босоголорду жалпы катталган шайлоочулардын санынын, ошондой эле шайлоого чейин же шайлоо күнү участкада кошулган шайлоочулардын санынын негизинде эсептөө чаташууларды жаратты. Буга кошумча, жашоочуларды каттоо системасынын начардыгынан миңдеген жарандар, анын ичинде ички мигранттар жана июнь окуяларынан кийин башка жерге которулган жарандар, шайлоого катыша албай калышты.

Ачык каттоо жараяны 29 саясий партиялар кирген плюралисттик чөйрөнү жаратты, ал шайлоочуларга саясий альтернативалардын ичинен чыныгы тандоо жасоого мүмкүнчүлүк түздү. Шайлоо өнөктүгү өзөгүндө жаткан чыңалган абалга карабастан, өлкө боюнча катуу атаандаштык менен, бирок тынч маанайда өттү. Ойду эркин билдирүү, эркин чогулуу, кайсы бир мүчөлүккө кирүү жана эркин орун алмаштырууну камтыган фундаменттальдык экриндиктер жалпысынан сыйланган. Саясий партиялар кайсыл бир олутту тоскоолдуктарга же окуяларга кабылбай, үгүт иштерин эркин алып барышты. Бирок бир нече учурларда жыйындарга катышууга мажбурлоолор жана жергиликтүү бийликтин кээ бир өкүлдөрү тарабынан айрым партияларга жан тартуулар байкалган. Бийлик кээ бир жерде байкалган националисттик сөздөрдү колдонуу учурларына каршы тийиштүү чараларды көрдү.

Мамлекет тарабынан каржыланган маалымдоо каражаттары акысыз эфир убакытын жана басма аянтын бардык талапкерлерге камсыз кылуу боюнча мыйзым талаптарына жооп берди. Улуттук теле каналда көрсөтүлгөн саясий дебаттар шайлоочуларга талапкерлердин платформаларын жана алардын ой-пикирин салыштырууга мүмкүнчүлүк берди. Бирок маалымдоо каражаттары үгүт иштерин жаңылык

программалары сыяктуу сатып алынуучу саясий жарнамалар аркылуу гана болбосо, башка учурда чагылдырган эмес. Улуттук канал гана сатып алынган эфир убактысын жаңылык жана маалымат программаларынан анык ажыраткан жана тийиштүү түрдө белгилеген. Бул эл аралык тажрыйбага шайкеш келет. Колдо бар маалымат шайлоочуларга саясий альтернативалар жөнүндө пикир түзүүгө мүмкүнчүлүк берди, бирок акыркы учурда жактоочулук маалыматтын берилиши жана шайлоо өнөктүгү жөнүндө калыс жана аналитикалык түрдө редактордук маалыматтын жоктугу алардын толук малыматтуу тандоо жасоого жөндөмүн алсыраткан.

Башында бардык партиялардын тизмелери аялдарды, улуттук азчылыктарды жана жашы боюнча тандалган топторду киргизүү боюнча мыйзам талаптарына жооп берген. Бирок саясий партиялар өтө көрүнүктүү үгүт иш-чараларын көбүнчө кыргыз эркек талапкерлерине бөлүштүргөн жана алардын аял же улуттук азчылыктардын, анын ичинде этникалык өзбек шайлоочуларды тартуу боюнча атайын пландары болгон эмес. Партиялар жана талапкерлер каалаган тилинде үгүт иштерин алып барууга мүмкүндүгү болгону менен, көбүнчө этникалык өзбектер жашаган жерлерде да кыргыз жана орус тилдери дээрлик дайым колдонгон.

Шайлоо алдында аз гана расмий арыздар түшкөн. Кеңири жайылган добуш сатып алуу жана административдик ресурстарды кыянаттык менен колдонуу жөнүндө айыптоолор сейрек учурларда гана расмий арыздарга айланган. Мыйзам талап болгондой, БШК отурумдарында арыздар боюнча чечимдерин ыраттуулук менен чыгарган эмес; бул шайлоо алдындагы талаш-тартыштарды чечүүдө коллегиалдыктын жана ачык-айкындуулуктун чектелишине алып келген. Чечимдер өз убагында жана жазуу түрүндө берилбегендиктен, арызлануучулар арызын мыйзам чегинде эффективдүү орундатуу жана сотко кайрылуу укугунан ажыраган.

Шайлоо күнү өлкө боюнча абал тынч жана добуш берүү тартиптүү жана ачык-айкын түрдө өтүп жатты. Жалпысынан, эл аралык байкоочулар добуш берүү жараянына оң маанайдагы баа беришти, бирок добуштарды саноо жана жыйынтыктарды чыгаруу жараянына кыйла төмөн баа беришти. Саноо жана жыйынтыктоо процедуралары дайыма эле сакталган эмес, жана бир нече участкалык шайлоо комиссиялары (УШК) жыйынтык протоколдорун толтурууда кыйнчылыктарга кабылышкан. Жарандык коом шайлоо жараянында жигердүү ролду ойноду, жана көптөгөн жергиликтүү жана эл аралык байкоочулардын бар болушу ачык-айкындуулуктун жогорулашына өбөлгө түздү. Бирок шайлоо участкаларында шайлоо күнү бою адамдардын уруксатсыз жүрүүсү маселе бойдон калууда.

Оң маанайдагы жагдай катары, БШК участокторго бөлүнгөн алдын ала жыйынтыктарды шайлоо өткөн түнү бою Интернет баракчасына жарыялап жатты. Бул маалымат, беш партия – *Ата-Журт*, КСДП, *Ар Намыс*, *Республика* жана *Ата Мекен* – парламентте орун алууга жол ачкан эки босогодон ийгиликтүү өткөнүн бышыктады. Алтынчы болуп келген *Бүтүн Кыргызстан* өлкө боюнча коюлган беш пайыздык босогодон өтпөй калгандан кийин БШК босоголорду жаңыдан эсептеп чыксын деген

талабын коюп жана шайлоочулар тизмелериндеги маалыматтын тактыгына шек келтирип, нааразычылык акцияларын уюштурду.

Оң маанайдагы көрүнүш, БШК, саясий партияларды УШКлардын жарыяланган протоколдоруна каршы арыздарын тапшыруусуна чакырган жана протоколдогу келишпестиктерди текшерүү үчүн жумушчу топ түзгөн. Жыйынтыгында, шайлоочулар тизмелери туура эмес жалпы сандарды камтыган көптөгөн санда протоколдор табылган. БШК шайлоо материалдардын түп нускаларына кайрылуу аркылуу шайлоочу тизмелериндеги сандарды оңдоо үчүн чоң аракеттерди жасап, туура сандарды чагылдыруу үчүн жарымынан көп протоколдорду оңдоп чыкты. Процедуралык чоң башаламандыктар табылгандан кийин өлкө ичинде беш УШКлардын жана өлкө тышында жыйырма добуш берүү участкалардын жыйынтыктары жокко чыгарылды. Жыйынтыгында, БШК өлкө тышындагы добуш берүү процедураларына көңүл бурбай койгон деп Кыргызстандын бир нече дипломатиялык миссиялардын жетекчилерине карште чараларды көрдү.

БШК формалдык отурумдарды 9- жана 25-октябрдын аралыгында өткөргөн жок, бирок жабык жумушчу жыйындарды өткөрүү тажрыйбасын күчөттү. Ал жыйындарда БШК маанилүү чечимдерди кабыл алган, анын ичине бардык материалдарды Бишкеке чакырып алуу чечими кирген. Бул тажрыйба жана шайлоодон кийинки арыздарды кароо, ошондой эле БШКнын топтогон акыркы жыйынтык маалыматын өзүнүн Интернет баракчасында чыкпай калуусу ачык-айкындуулукту чектеди.

БШК 1-ноябрда акыркы жыйынтыктарды жарыялап, парламентте орун алууга жол ачкан босоголордон беш партия өттү деп ырастады. Акыркы жыйынтыктарга каршы болгон бардык арыздар соттор тарабынан жокко чыгарылды. Шайланган жети талапкердин шайлоодон кийин баш тартуусун эске алганда, жаңы парламент 28 (23.33 пайыз) аял мүчөлөр 14 (11.66 пайыз) улут азчылыктардан турган мүчөлөрү менен чогулду.

## II. КИРИШҮҮ ЖАНА ЫРААЗЫЧЫЛЫК СӨЗҮ

Кыргыз Республикасынын Тышкы Иштер Министрлигинин чакыруусунан улам жана 27-июндагы конституциялык референдумга байкоо салуу боюнча ЕККУ/ДИАУБдун чектелген миссиясынын жыйынтыктоочу Отчетунда табылган маалыматтын жана корутундулардын негизинде, 7-сентябрда ЕККУ Демократиялык институттар жана адам укуктары боюнча бюросу (ЕККУ/ДИАУБ) Шайлоого байкоо миссиясын (ШБМ) жөнөткөн. ЕККУ/ДИАУБ ШБМди Кориен Ёнкер айым жетектеди. Миссия Бишкекте жайгашты, жана 18-мүчөдөн турган негизги топтон жана бардык областтарга ошондой эле Бишкек жана Ош шаарларына жөнөтүлгөн 22 узак мөөнөт байкоочулардан турду.

ЕККУ/ДИАУБ шайлоо күнү байкоо салуу үчүн ЕККУнун Парламенттик Ассамблеядан (ЕККУ ПА) жана Европалык Парламенттен (ЕП) келген байкоочулар делегациялары менен чогу иш алып барды. ЕККУ төрагасы атайын координатор кылып дайындаган

ЕККУ ПА делегациясынын жетекчиси Мортен Хогланд мырза ЕККУнун кыска мөөнөт байкоочулар миссиясын жетектеди. ЕП делегациясын Катарина Неведалова айым жетектеди. Шайлоо күнү ЕККУнун 36 мүчө мамлекеттеринен келген 266 байкоочу өлкө боюнча жайгаштырылды. Алар, 2,889 шайлоо участкалардын 800нө жана 57 территориялдык шайлоо комиссиялардын (ТЕК) 42синин ишине көз салды.

Шайлоо жараяны, ЕККУ милдеттенмелерине, демократиялык шайлоолор боюнча башка эл аралык стандарттарга ошондой эле жергиликтүү мыйзамга шайкеш келүүсүнө баа берилди. Бул жыйынтыктоочу отчет 2010-жылдын 11-октябрындагы маалымат конференциясында жарыяланган алдын ала табылган маалыматтар жана корутундулар боюнча билдирүүдөн кийин чыкты.[2]

ЕККУ/ДИАУБ Тышкы Иштер Министрлигине, БШКга, саясий партияларга, массалык маалымдоо каражаттарына, жарандык коомго жана Кыргызстандагы башка маектештерине кызматташтыгы үчүн ыраазычылыгын билдирет. ЕККУ/ДИАУБ ошондой эле Бишкектеги ЕККУ Борборуна, ЕККУ катышуучу-мамлекеттердин Кыргызстандагы дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнө жана эл аралык уюмдарга миссия жүрүп жатканда көмөктөшкөндүгү жана кызматташкандыгы үчүн терең ыраазычылыгын билдирет.

## III. КЫСКАЧА ТАРЫХ

2010-жылдын апрель айынын эрте башындагы күчтүү нааразычылык акциялары Президент Бакиевди бийликтен кулаткан жана мурдакы парламенттин тарашына алып келген. Президент катары Роза Отунбаева айымдын жетектөөсү алдында Убактылуу Өкмөт куралды.[3] Мурдагы Президент Бакиевке байланышкан *Ак Жол* партиясы тарагандан кийин бир партиянын басым кылуусу жок болду. Президенттик системаны жактаган *Ар Намыс* партиясын эске албаганда, Убактылуу Өкмөткө *Ак Шумкар*, *Ата Мекен* жана КСДП кеңири колдоо көрсөттү. Башка кызыкчылыктарды көздөгөн *Ата-Журт* жана *Бүтүн Кыргызстан* сыяктуу жаңы партиялар пайда болду; алар өздөрүн экономикалык маселелерге басым жасаган *Республикага* жана убактылуу өкмөткө оппозиция болуп чыгаарын билдиришкен.

Июнь айында Ош жана Жалал-Абадда өзбек жана кыргыз жамаат өкүлдөрүнүн ортосунда зордук менен коштолгон кагылышуулар жогору сандагы жабыркоолорго жана жарандардын орун которуусуна алып келген. Трагедиялуу окуялардан кийинки катаал кырдаалга карабастан, бийилик 27-июнда конституциялык референдумду тынч өткөрүү үчүн тийиштүү шарттарды түзүүгө ийгиликтүү жетишти.[4] Көзгө көрүнгөн

---

2 Караңыз http://www.osce.org/documents/odihr/2010/10/47026_en.pdf.

3 Убактылуу Өкмөттүн 19-майдагы №39 Декрети Кыргыз Республикасынын Конституциясын күчүнө киргизүү жөнүндө Мыйзамды бекитти жана Отунбаева айымды 2010-жылдын 31-декабрына чейинки өткөөл мезгилге Президент кылып дайындады.

4 ЕККУ/ДИАУБ референдум жараянына байкоо салды. Кыргыз Республикасында референдум жана мурунку шайлоолор боюнча отчетторду бул шилтеме аркылуу караңыз: http://www.osce.org/odihr-elections/14475.html.

кемчиликтерге карабастан, ЕККУ/ДИАУБ конституциялык референдумга этияттык менен оптимисттик баа берди. Президент Отунбаева 10-августта *Жогорку Кеңешке* шайлоо 10-октябрда өтөт деп жарыялады. Шайлоого катышам деп чечкен убактылуу өкмөттүн негизги мүчөлөрү кызыкчылыктар конфликтин жоюу үчүн орундарын бошотушкан.

Кээ бир тараптар, өзгөчө Ош шаарынын мэри Мелис Мырзакматов убактылуу өкмөттүн легитимдүүлүгү жөнүндө суроо көтөрүп жатты. Саясий абал өтө чыңалган бойдон турду, жана кээ бир саясатчылар кырдаалды курчутууга аракеттерди жасады.[5] Жалпы коопсуздук абал, өзгөчө түштүктө, чыңдалган бойдон турду. Бийликтин, коопсуздук кызматтын тыгыз катыштыруу боюнча аракеттерине карабастан, ЕККУ/ДИАУБ ШБМдин маектештери шайлоого байланышкан зордуктун келип чыгышы ыктымал деп билдирген.

# IV. ШАЙЛОО СИСТЕМАСЫ ЖАНА УКУКТУК НЕГИЗ

## A. ШАЙЛОО СИСТЕМАСЫ

Жаңы Конституция орточо-парламенттик башкаруу системасын орнотту жана парламенттик орундардын санын 90дон 120га жеткирди. Парламент мүчөлөрү өлкө боюнча жалгыз шайлоо округунан, партия тизмесине негизделген пропорцияналдык система аркылуу беш жылдык мөөнөткө шайланат. Парламентте орунга ээ болуш үчүн партия беш пайыздан көп добушту өлкө боюнча жана эң кеминде 0.5 пайыз добушту ар бир жети областта жана Бишкек жана Ош шаарларында алыш керек. Эки босого тең катталган шайлоочулардын жалпы санынын негизинде эсептелет. ЕККУ/ДИАУБдун мурдагы отчетторунда айтылгандай, кош босого талабы пропорционалдык өкүлчүлүк системасынын максатына доо кетирет.[6] Бир саясий партиянын парламентте үстөмдүгүн жок кылуу үчүн жаңы Конституция бир партия ээ боло ала турган орундарды 65ке чектеди; анда уткан добуштар эске алынбайт. Бул тоскоолдук адамдардын каалоосун эркин билдирүүсүнө жана 1990-жылдын ЕККУнун Копенгаген Документинин 7.9-параграфына шек келтирсе да, муну плюралисттик парламентти куруу үчүн өткөөл чарасы катары караса болот.

---

5 *Мекет Туу* саясий партиянын лидери Урмат Барыктабасов мырза тынч митинг уюштуруу максаты менен жана Премьер-Министрдин ордун талап кылып, 5-августта Балыкчыдан Бишкеке чейин жөө жүрүш уюштурду. Жөө жүрүш борбор шаардын четинде токтотулуп, Барыктабасов мырза конституциялык түзүлүштү кулатууга аракет жасады (этникалык абалды курчутууга аракет жасады деп да айтылат) деген айып менен камакка алынган. Башка саясатчылар аймактык жана этникалык айырмачылыктарды колдонуп, козутуучу сөздөрдү колдонгон.

6 2007-жылдагы парламенттик шайлоо боюнча ЕККУ/ДИАУБдун жыйынтыктоочу отчетунда белгиленгендей, “партия өлкө боюнча беш пайыздан көп добуш алышы мүмкүн, бирок бир аймакта 0.5 пайыз тоскоолду багындыра албаса парламенттик өкүлчүлүккө ээ болбой калат; бул пропорцияналдык өкүлчүлүктүн максатына доо кетирет.” Караңыз: http://www.osce.org/documents/odihr/2010/07/45515_en.pdf.

## B. Укуктук Негиз

Негизинен, парламенттик шайлоолорду жаңы Конституция жөнгө салат да, ал 2007-жылкы Шайлоо Кодекси, 1999-жылкы саясий партиялар жөнүндө Мыйзам жана 2004-жылкы шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук шайлоо комиссиясы (БШК жөнүндө мыйзам) жөнүндө Мыйзым менен кошумчаланат. Ага кошумча, конституция эл аралык нормалардын артыкчылыгын тааныйт жана мамлекет кол койгон эл аралык келишимдер түз таасир этүүсүн аныктайт.[7]

Конституция, демократиялык шайлоолорду өткөрүүгө зарыл болгон мыйзам үстөмдүгүн, фундаменталдык болгон жарандык жана саясий укуктарды жана эркиндиктерди камсыз кылат. Бирок укуктук негиз мындан аркы жакшыртууларды талап кылат. Анткени конституциянын бир нече жаңы жоболору толугу менен жалпы мыйзамдарда чагылдырыла элек жана бул айрым укуктардын жана эркиндиктердин толук колдонулуусун чектеп жатат.

Саясий партиялар гана парламентке талапкерлерди сунуштоого укуктуу болду. Бул жеке жарандардын көз карандысыз талапкер катары кызмат ордуна баруусуна жолтоо болот; бул ЕККУнун 1990-жылкы Копенгаген Документине каршы келет.[8] Оң маанайдагы кадам жана ЕККУ/ДИАУБдун мурунку сунуштарын ишке ашыруу аракети катары - жаңы Конституция парламент мүчөлөрү императивдик мандат менен чектелбейт деп так аныктайт.[9] Бирок Конституциянын 73.3.1-беренеси шайланган депутаттар бир фракциянын мүчөсү болбой калса алардын мандаты мөөнөтүнөн мурда жоюулат деген түшүнүктү калтырат.[10] Бул императивдик мандатты жойгон конституциялык жобого каршы келгендей сезим калтырат жана элдик добуш менен шайланган депутаттардын үстүнөн ченемдеш эмес деңгээлде партиянын же фракциянын көзөмөлүн кайра орнотот. Бул, өз учурунда, ЕККУнун 1990-жылкы Копенгаген Документтин 7.9-беренесине каршы келет.[11]

Эгерде мурдагы кылмыш иши жабылган эмес болсо, жарандар талапкер болуу укугунан

---

7 Конституциянын 6-беренеси.

8 ЕККУнун 1990-жылкы Копенгаген Документинин 7.5-беренеси билдирет: “[Мүчө-мамлекеттер] жарандардын саясий же коомдук кызматка жеке же саясий партиялардын же уюмдардын өкүлдөрү катары дискриминациясыз барууга укугун сыйлайт.” Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык Келишимдин 25-беренесине болгон БУУнун адам укуктары боюнча Комитетинин 25-Жалпы Комментарийин (1996) караңыз. 17-пункт билдирет, “жарандардын шайлоого талапкердигин коюу укуктары талапкерлердин партиялардын же атайын партиялардын мүчөсү болуу талаптары менен ашыкча чектелбеши зарыл.”

9 Конституциянын 73.1-беренеси императивдик мандатты жокко чыгарат, бирок бул терминдин аныктамасы берилген эмес. Императивдик мандат термини, депутаттар шайланган парламенттик фракциянын же блоктун мүчөсү бойдон мөөнөтүнүн башынан аягына чейин калууну билдирет.

10 Конституциянын 70.3-беренесине ылайык, депутаттар фракцияларга чогулат; алар көпчүлүк фракциясын же оппозициячыл фракциясын курууга укугу бар.

11 ЕККУнун 1990-жылкы Копенгаген Документинин 7.9-беренеси аныктайт, “мыйзамда каралган тийиштүү санда добушка ээ болгон талапкерлер тийиштүү түрдө кызмат ордуна бекитилет жана мөөнөту бүткүчө кызмат ордунда калууга укуктуу”.

ажырайт. Ага кошумча, камакта отурган жарандар жаза тартуу мөөнөтүнүн узактыгы, кылмыш иштин оордугу же жеке абалы эске алынбай туруп добуш берүү укуктарынан ажыратылган. Жасалган кылмыш иштин маңызына карабай добуш берүү укугунан ажыратуу ченемдеш эмес санкция катары саналышы мүмкүн жана эл аралык деңгээлде кабыл алынган тажрыйбаларга жооп бербейт.[12]

Убактылуу өкмөт 1-июлда жаңы кабыл алынган Конституция менен келишпестиктерди жоюу максатында декрет аркылуу шайлоо кодексине өзгөртүү киргизди. Убактылуу өкмөт бар мыйзамдарды декрет аркылуу өзгөртүүгө укугу жок деген катуу сындардан кийин бул өзгөртүүлөр башка декрет аркылуу 9-августта жокко чыгарылган. Шайлоодо кызыкдар тараптар мыйзамдагы келишпестиктерди чечет деп БШКнын бийлигин жалпылай таанышты. БШК бардык болбосо да, көпчүлүк келишпестиктерди чечти. Бирок, БШК чечимдери менен мыйзамдарды өзгөртүү анын ыйгарым укук чегинен чыгуу жана нормативдик акттар жөнүндө Мыйзамдын 6-беренесинде аныкталган мыйзам иерархиясын бузуу катары саналышы мүмкүн.

Өзгөчө белгилеп кетчүү жагдай, БШК, шайлана турган парламент мүчөлөрүнүн саны жана партиянын тизмесиндеги талапкерлердин саны жаңы Конституция менен шайкеш келиши керек деп аныктаган. Ал шайлоо кодексинде каралган аялдар, улут азчылыктары жана жаштар боюнча квота талаптары талапкерлер тизмелери каттоодон өтүп жатканда гана сакталышы керек деп да чечмелөөлөрдү жарыялады.[13] Оң маанидеги жагдай, БШК көп жолу добуш берүүнү алдын алуу кепилдиги болуп саналган шайлоочулардын бармагына сыя коюу талабын кайра калыбына келтирди. Ал партия 65тен көп орунга ээ болгон күндө орундар кандай бөлүштүрүлүшү тууралуу чечим да кабыл алган.[14]

Шайлоо кодекстин 30.13-беренеси айрым группалардын үгүт иштерине катышуусуна тыюу салат; бул жеке жарандар үчүн ченемдеш эмес тоскоолдуктарды орнотот. Мисалы үчүн, кайрымдуулук жана диний уюмдардын мүчөлөрү үгүттөөгө укугу жок, бирок уюмдардын өздөрү укугу бар. Бул тоскоолдуктар жарандардын фундаменталдык саясий укуктарынан ажыратат. Жашы 18ге жетпегендер жана чет өлкөлүк жарандар да үгүттөөгө укугу жок.

Шайлоо кодекстин 18.10-беренеси эл аралык байкоочуларга пикирин шайлоо бүткөнгө чейин жалпыга билдирүүсүнө тыюу салат. Бул тоскоолдук эл аралык байкоочулардын

---

[12] Кыргыз Республикасы Европа Консулунун мүчөсү болбосо да, Адам укуктары боюнча Европалык Соту жалпы шайлоо укугу жөнүндө бир нече чечмелөөлөрдү берет. Соттун айтымында, олуттуу кылмыш үчүн отурган камактагы жарандын шайлоо укугунан ажыратуу татыктуу жазалоо катары эсептелгенде гана камактагы жарандардын шайлоо укугуна чектөө койсо болот, караңыз *Hirst v. United Kingdom* (2005) and *Frodl v. Austria* (2010). Ушул эле көз карашты Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык Келишимдин 25-беренесине караштуу № 25 Жалпы Комментарийде (1996) көрсө болот. Ага ылайык, шайлоо укугунан ажыратуу себептери «объективдүү жана ченемдүү» болуусу зарыл (14-пункт).

[13] БШКнын 23-августтагы №170 Чечими.

[14] БШКнын 30-сентябрдагы №291 Чечими.

тапкан маалыматын кабыл алган өлкө менен бөлүшүүгө жолтоо болуп, эл аралык байкоочулардан талап болгон ачык-айкындуулукту чектейт.

## V. ШАЙЛООНУ БАШКАРУУ

Шайлоону БШК, сегиз областтын, Бишкек жана Ош шаарларынын комиссиялары (ОШК), 56 территориялдык (район жана муниципалдык) шайлоо комиссиялары, 2,289 УШКлар башкарат. Өлкөнүн тышында добуш берүү үчүн кошумча 44 участкалар уюштурулган.

БШК жана ОШКлар беш жылдык мөөнөткө дайындалат. ТШКлар жана УШКлар ар бир шайлоо үчүн тийиштүү жогорку шайлоо комиссиясы тарабынан дайындалат. Референдум алдында убактылуу өкмөт шайлоо администрациясына ишеничти калыбына келтирүү үчүн мурдагы БШКны таратып, жаңы комиссияны дайындады. Азыркы БШК 13 мүчөдөн[15] турат, алардын жетөөсү саясий партиялардан жана алтоосу, анын ичинде төрага, жарандык коомдон келди, ошондой эле анын ичинде кеңеш берүү укугу бар эки эл аралык мүчө бар.[16] Сегиз саясий партия БШКга кеңеш берүү укугу бар мүчөлөрдү дайындады, ал эми калгандары ыйгарым укуктуу өкүлдөрүн кызыгуу жараткан отурумдарга гана жөнөттү.

БШК өкмөттөн жана жактоочулук кызыкчылыктардан көз карандысыз иш алып барды жана кыска убакытта шайлоого кызыкдар тараптардын ишенимичине ээ болду. БШКнын отурумдарынын көбү маалымдоо каражаттарга жана байкоочуларга ачык болду, жана анын чечимдери БШКнын Интернет баракчасында жана *Эркин Тоо* расмий гезитинде жарыяланды. БШК жалпысынан мыйзам нугунда иш алып барды. Шайлоо кодекси так эмес же алсыз болуп жаткан кезде, БШК бир пикирдүүлүккө келиш үчүн саясий партиялардын өкүлдөрү менен кеңешти. БШК жалпысынан ачык-айкын маанайда иш алып барды. Бирок арыздар жана шайлоодон кийинки алгачкы протоколдорду текшерүү сыяктуу анын кээ бир аракеттери, кеңеш берүү укугу бар мүчөлөр жана байкоочуларга жабык болгон жумушчу отурумдарында чечилген.

Төмкөнкү деңгээлдеги комиссия ашыкча саясий таасирди чектөө үчүн жана тең салмактуулукту сактоо үчүн саясий партиялар жана шайлоочулар топторунан[17] куралган. Өкмөт же муниципалдык кызматкерлер үчтөн бирден көп орунга ээ боло албайт. 11 мүчөдөн турган жаңы ОШКлар БШК тарабынан эрте августта[18]

---

15 БШК жөнүндө Мыйзамдын 3.4-беренеси талап кылгандай, БШКнын эки мүчөсү жубайлары талапкер болуп дайындалгандан кийин алмаштырылган. БШК төрагасынын бир тууганы *Эгемен Кыргызстан* партиясынан талапкер, бирок ал, ошол мыйзамдын 3.7-беренесинде аныкталгандай, иштен кетүү талабынан бошотулган.

16 Убактылуу Өкмөттүн 21-апрелдеги №19 Токтому билдиргендей, убактылуу өкмөт «эл аралык уюмдардан алтыдан көп эмес мүчөнү (кеңеш берүү укугу менен) БШКга дайындай алат». Бириккен Улуттардын Өнүгүү Программасынан (ПРООН) эки ушундай мүчө дайындалды.

17 БШКнын 17-августтагы Токтому шайлоочулар тобун тийиштүү комиссияга аты-жөнүн жана отурумдарынын протоколдорун тапшырган кеминде беш шайлоочудан турат деп аныктайт.

18 Убактылуу өкмөт 21-апрелде буйруган.

дайындалган, жана ТШКлар 21-сентябрга чейин түзүлдү. УШКлардын көпчүлүгү 10-сентябр акыркы күнгө чейин куралды.[19]

Кээ бир саясий партиялардын шайлоочулар топтору тарабынан дайындалган комиссия мүчөлөрү арасында колдоочулары болгон. Бул максат болгон тең салмактуулукту бузду. Бирок шайлоого чейинки учурда бир да саясий кызыкчылык чечим чыгарууда үстөмдүк кылган жок. Жергиликтүү бийлик көз карандысыз иштей турган ТШК жана УШКларга колдоочулук ролун көрсөттү.[20] Кээ бир учурларда жергиликтүү өкмөт кызматкерлери ТШК жана УШКлардын ишмердигине кийгилишкен.[21]

ЕККУ/ДИАУБ ШБМ маектештеринин айтымында, төмөнкү үч деңгээлдин комиссияларынын мүчөлөрүнүн 70 пайызга чейини өздөрүнүн тийиштүү деңгээлдеринде шайлоону башкаруу боюнча тажрыйбасы болгон эмес. Эл аралык жардам менен БШК УШК мүчөлөрүнө окутуу-чараларын уюштурган. Бирок, негизинен айлык акысы жоктугунан жана талап болгон жоопкерчиликти сезбегендиктен, УШК мүчөлөрү жумушту таштап, даярдоо сабактардын катышуу деңгээлине терс таасирин тийгизди.[22] ЕККУ/ДИАУБ ШБМ өлкө боюнча окутуу-чаралардын сапаты ар деңгээлде экенин байкады, кээ бирде алар бардык комиссия мүчөлөрү жакшы сүйлөй албаган тилде алып барылды. УШК мүчөлөрүнө берилген колдонмолордо ТШК протоколдорун саноо жана жыйынтыктарды чыгаруу боюнча толук көрсөтмөлөр болгон эмес. Шайлоо күнү бул факторлор УШКлардын иш алып баруусуна терс таасирин тийгизди.

БШК жана төмөнкү деңгээлдеги комиссиялар милдеттемелерин көпчүлүгүн берилген убакыттын мыйзам чегинде аткарышты. Бирок секретариат кызматкерлеринин жоктугунан улам, БШК мүчөлөрү талапкерлерди тизмелерде тактоо, үгүт материалдарын жана протоколдорду текшерүү сыяктуу бир нече практикалык тапшырмаларга алек болгон.[23] ЕККУ/ДИАУБ ШБМдин бир нече маектештери, ушул себептерден БШК төмөнкү деңгээлдеги комиссиялары үчүн жетиштүү көрсөтмө жана көзөмөлдү камсыз кыла алган жок деп тынсызданууларын билдирди. Ага кошумча, протоколдорду өткөрүп берүү сыяктуу кээ бир процедуралар кеч чечилген. Саноо, жыйынтык чыгаруу боюнча процедуралар, мөөнөтүнөн мурда жана көчмө урна аркылуу добуш берүү же ооруканаларда жана камактарда добуш берүү боюнча атайын добуш берүү чаралары кылдаттык менен иштелип чыккан эмес.

---

[19] УШКлардын кеч түзүлүүсү Первомай, Ленин, Тоң жана Аксы райондорунда жана Баткен областында байкалган.

[20] Дээрлик бардык ТШКлар жана ОШКлар жергиликтүү бийлик имараттарында жайгашкан; анын себептеринин бири - шайлоочуларды каттоодо жана жыйынтык чыгарууда колдонулуучу өлкө боюнча автоматташтырылган система *ГАС Шайлоо* ошол жерде жайгашкан.

[21] ЕККУ/ДИАУБ ШБМ щайлоо күнүнө чейин Алай районунда (Ош област) жана Бишкекте байкаган.

[22] ЕККУ/ДИАУБ ШБМ Ат-Башы, Жети Өгүз, Москва, Нарын район, Панфилов жана Таш Көмүр шаарлары жайгашкан ТШК аймактарындагы УШК мүчөлөрү арасында 10дон 30 пайызга чейинки иш таштоону байкады.

[23] БШК секретариаты 28 адамдан турат, анын ичине маалыматты киргизүү боюнча төрт убактылуу кызматкер жана эки адис кирет.

Атайын же "открепительный талон" менен добуш берүүгө арыз жазуу боюнча шайлоочуларга маалымат берилген эмес. Шайлоо күнү БШК ушул маселелер боюнча шайлоого катыша албай калган шайлоочулардан бир нече арыздарды алды.[24] Бюллетенди кантип белгилөө жана бүктөө боюнча маалымат жок болгон. Шайлоочулар тизмелеринде өздөрүнүн маалыматын текшерүү боюнча шайлоочуларды үйрөткөн үгүт иштери кеч башталды – шайлоо күнүнө 10 күн гана калганда.

Саясий партиялардын бюллетенде катары жана акысыз эфир убакытты бөлүштүрүү боюнча чүчү кулак тартуу маалымдоо каражаттарынын жана байкоочулардын көзүнчө өттү. Чүчү кулак шайлоо өнөктүгү башталгандан кийин өттү.[25] Жыйынтыгында, үгүт иштери расмий түрдө башталгандан беш күн өткөндөн соң акысыз эфир убактысы жана басма аянты бериле баштады, жана партиялар бюллетендеги санын үгүт иштери башталгандан бир жума өтүп, 17-сентябрда гана жарыялашты.

БШК эл аралык колдоо менен жыйынтыктарды бурмалоого чектөө коюу жана шайлоо жараянына ишеничти көтөрүүгө багытталган бир нече долбоорлорду ишке ашырды. Алардын ичине кирет: жыйынтык протоколдорун шайлоо участкаларынан ТШКнын жыйынтык чыгаруу борборлоруна ошондой эле түз БШКга ташуу үчүн бурмалоого каршы баштыктарды колдонуу, жана БШКда коомчулук жана шайлоо кызматкерлери үчүн кабылдама телефонун орнотуу. Эки долбоор тең жакшы ишке ашты. Шайлоо күнүнөн кийин саясий партиялардын протоколдорун кайчы текшерүү учурунда БШКга түз тапшырылган протоколдор БШК үчүн пайдалуу маалымат болду.

ЕККУ/ДИАУБ ШБМдин маектештери жыйынтыктарды чыгарууга колдонгон ГАС Шайлоо системанын программалык камсыздоосу эскирди жана жергиликтүү бийликтин ички тармагына уланган деп тынчсызданууларды билдиришти. БШК ТШКлардан ГАС Шайлоо системасы аркылуу электрондук түрдө келген алдын ала жыйынтыктарды текшерүүгө багытталган шайлоо участкаларынан түз факс менен жиберилген протоколдордун негизинде алдын ала жыйынтыктарды саноо үчүн кошумча системаны киргизүү аркылуу бул маселелерди чечти. Бирок шайлоо өткөн түнү көрсөтмөлөр түшүнүксүз берилгендиктен жана факска кошулган шайлоо участкалардын саны чектелүү болгондуктан, протоколдор аз гана санда факс аркылуу ийгиликтүү жиберилген.

## VI. ШАЙЛООЧУЛАРДЫ КАТТОО

Катталган шайлоочулардын алдын ала саны 15 сентябрда 2,852,419 деп жарыяланды. Анын ичине 76,557 тыш жакта катталган шайлоочулар кирет. 15-сентябрда жана шайлоо күнү шайлоочулар тизмесинде жасалган кошумчалар жана өчүрүүлөр

[24] Булардын эң белгилеп кетчүүсү Ыссык-Көлдө жайгашкан Кумтөр Майнинг Компаниясынан келди. Ал жерде миңден ашуун жумушчу шайлоо күнү шайлоого катыша албай калды.

[25] Акысыз эфир убакытын бөлүштүрүү, БШКнын шайлоо календарынын бүткөнүнө үч күн кийин 13-сентябрда өттү. Саясий партиялардын бюллетенде орду боюнча чүчү кулак 17-сентябрда өттү, 20-сентябрда акыркы мөөнөттүн чегинде.

чогултулгандан соң гана катталган шайлоочулардын акыркы саны жарыяланган.[26] БШК 1-ноябрда акыркы жыйынтыктарды чыгарып жатып жарыялаганда, натыйжада жалпысынан 3,036,703 шайлоочу пайда болду.[27]

Шайлоочулар кирген тизмелердин сапаты жана тактыгы олуттуу тынчсыздануулярды жаратты. Шайлоочулардын тизмелери пассивдүү каттоо системанын негизинде түзүлгөн. Анда өлкөдөгү жергиликтүү администрациялардын системдик администраторлору, *ГАС Шайлоо* системасына бир нече коомдук каттоо тизмелерден, анын ичинде жашаган жери боюнча каттоо тизмесинен алынган шайлоочулар жөнүндө маалыматты киргизген. Бул тизмелер жарандардын тийиштүү мекемелерде активдүү каттоодон өтүүсүнө негизделген. Ошондуктан, шайлоочулар кирген тизмелердин сапаты бул тизмелерге кирген маалыматтын сапатына жана алардын өз убагында жана *ГАС Шайлоо* системасына кылдаттык менен өтүүсүнө байланышкан.

Жашаган жеринен каттоо системасы (*прописка*) жарандардан тийиштүү мекемеге барып, дарегин каттоодон өткөрүүнү талап кылат.[28] Бирок бийлик жарандардын дарегинин алмашуу учурларын, төрөлүү жана каза болуу учурларын туруктуу түрдө каттабагандыгы жана жарандар бюрократиялык тоскоолдуктарга кабылгандыгы кайсы бир деңгээлде себеп болуп, бул каттоо системасы жарандар чындыгында жашап жаткан жерди сөзсүз эле так чагылдырбайт.[29] Ушул себептерден көптөгөн ички мигранттар азыркы даректерин каттоодон өткөргөн эмес. Көп мигранттар жашап жаткан Бишкектин чет жактарында жергиликтүү администрация алар үчүн Бишкекте добуш берүү мүмкүндүктү түзүү үчүн атайын жергиликтүү каттоо процедураларын камсыз кылууга аракеттенген. Бирок бул процедура ошол жерде кыймылсыз мүлккө ээ болгон жана аренда келишими менен жашап жаткан жарандар үчүн гана колдонууга даяр болгон, ал эми мыйзымсыз жашап жаткан миңдеген жарандарга добуш берүү укугун колдонууга ал жардам берген эмес.

Шайлоочулардын улуттук тизмесинин жоктугунан, окшош маалыматтарды текшерүүгө мүмкүндүк болгон эмес. Ошол эле учурда Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча, 2010-жылдын 1-январына карата 18 жашты ашкан адамдардын саны 3,434,406га жетти. Бул маалыматка таянсак, көп жарандар шайлоочулардын тизмесине кирбей калган.[30] Шайлоочулар тизмесинин сапаты тууралуу тынчсыздануулярды эске

---

26 Тийиштүү участкада каттоодон өткөнүн далилдей алган, бирок негизги тизмеге кирбей калган же сырт жактан добуш берүү күбөлүгү бар жарандар шайлоочулардын кошумча тизмесине кирген.

27 БШК берген акыркы жыйынтыктын негизинде 15,430 шайлоочу тизмеден өчүрүлдү жана 198,714 шайлоочу кошумча тизмеге киргизилди.

28 Каттоого туруу үчүн жаран кыймылсыз мүлктүн ээлигин, эгер арендага жашап жаткан болсо, мүлктүн ээсинин ээлигин тастыктаган документ менен ээсинин паспортун жана башка документтерди тапшырышы керек.

29 *Прописканы* жаңылоо үчүн жаран жашап жаткан жериндеги жергиликтүү администрациянын тизмесинен чыгышы зарыл, анан жаңы жерде көптөгөн ар түрдүү документтерди тапшырып каттоодон өтүшү керек.

30 2010-жылдагы адамдардын расмий саны жаран эмес адамдарды да камтыйт. Адамдардын жалпы санын шайлоочулардын жалпы тизмеси менен салыштыруу үчүн жаран эмес адамдарды кемитиш керек. 2009-жылы бул сан 26,007 эле болгон.

алганда, көп жолу добуш берүүгө тоскоол болгон шайлоочулардын манжасына сыя коюу тажрыйбасын БШК тарабынан калыбына келтирүү мактоого арзыйт.

Босоголорду аныктоодо шайлоочулардын тизмеси өтө маанилүү, ал эми партиялар парламентте орун алуу үчүн андан өтүүгө зарыл. Бул босоголор берилген жарактуу добуштардын негизинде эмес, катталган шайлоочулардын санынын негизинде саналат. Шайлоочулар тизмесине шайлоочу киргизилген сайын босоголор көтөрүлө берет. Шайлоочулардын мүмкүн болгон окшош маалыматтары, кээ бир шайлоочулардын кошумча тизмеге катталышы, чет өлкөдө добуш берүүгө катталган көп сандагы шайлоочулардын өлкө ичиндеги тизмеде аныкталбай жана алардан чыгарылбай калышы шайлоочулардын жалпы санын көбөйттү.[31]

Июнь окуясында жашаган жерин которууга мажбур болгон жарандар мурда жашаган жеринде катталган бойдон кала берди. Июнь topolоңунда документтерин жоготкон Ош жана Жалал-Абаддын төрт миңге чукул жашоочулары үчүн президенттик декрет менен киргизилген «жеңилдетилген» жараяны жарым-жартылай гана эффективдүү ишке ашты. Ал жашоочулардын көпчүлүгү жаңы паспортко арыз тапшырганы менен, 750 чукул убактылуу паспорттор гана чыгарылган. Ошентип, ошол жарандардын көбү шайлоо укугун колдонуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыраган. Мамлекеттик каттоо кызматы убактылуу паспортторду шайлоого катышуу үчүн колдонууга жароосун БШКдан тактоону суранганын ЕККУ/ДИАУБ ШБМге билдиргени менен, БШК аларды шайлоо үчүн жараган, аты-жөнүн тастыктаган документтердин арасына кошкон жок.[32]

Жалпысынан, шайлоочулардын тизмеси шайлоо комиссияларына 15-сентябр болгон акыркы мөөнөттүн чегинде жеткирилди. БШК, тактоо үчүн шайлоочулар тизмесинин кошумча көчүрмөсү коомчулуктун назарына УШКлар тарабынан коюулушу керек деп чечкен.[33] Тизмелер коомчулуктун алдына текшерүүгө коюлганда, чектелген сандагы шайлоочулар өз аттарын текшеришкен.[34] Жергиликтүү өкмөт администрациялары жана шайоо комиссиялары шайлоочулардын үйүнө барып, шайлоочуларды белгилөө же өчүрүү аркылуу ар түрдүү ыкмаларды колдонушкан. Бул процедура мыйзамда каралган эмес, бирок өлкөнүн көп жерлеринде колдонулган. Каттоодон өткөн шайлоочулардын акыркы санын эсептөөдө кандай таасир тийгизээри белгисиз бойдон калууда.

---

31 БШК 4-октябрда ЕККУ/ДИАУБ ШБМге чет өлкөдө катталган шайлоочулардын ичинен 10 пайызы гана өлкө ичиндеги тизмеден чыгарылган деп билдирди. Ага кошумча, чет өлкөдө катталган шайлоочулар, анын ичинде БШК жыйынтыгын жокко чыгарган шайлоо участоктору, босогону эсептөө үчүн шайлоочулардын жалпы санына кошулган. Шайлоочу бир гана шайлоочулар тизмесинде катталат деп аныктаган мыйзам жобосуна бул каршы келгендиктен жана шайлоонун жалпы жыйынтыгына таасир этүүгө анын мүмкүндүгү болгондуктан, босоголорду шайлоочулар тизмелериндеги жалпы санга эмес, катышкан шайлоочулардын жалпы санына негиздөөнүн керектигин билдирет.

32 БШКнын 30-сентябрдагы №292 чечими.

33 БШКнын 12-сентябрдагы №242 чечими, экинчи көчүрмө 20-сентябрга чейин ачык коюлуусун талап кылган, бирок чындыгында ал бардык УШКларда жарыяланган эмес.

34 Жарандар шайлоо күнү жана ага чейин өзгөртүүлөрдү же кошумчаларды киргизүүнү талап кылууга мүмкүнчүлүктөрү болгон. Тизмеге кирбей калган учурда, ошол участокто жашап жатканын далилдеген шайлоочу шайлоочулардын кошумча тизмесине киргизилет.

## VII. ТАЛАПКЕРЛЕРДИ КАТТОО

БШК бардык 29 саясий партиялар тапшырган талапкер тизмелерин ачык жараянында каттоодон өткөрдү. Алар саясий күчтөрдүн кеңири спектерин чагылдырат. Башка партиялар көбүнчөсү депозитти катоо үчүн каражаттардын жоктугун айтып, шайлоого катышпоо чечимин жарыялады.[35] Бул партиялардын кээ бир негизги талапкерлери башка партиялардын тизмелерине кошулду. Шайлоочулар үчүн ал жерде чыныгы тандоо жасоого саясий партиялардын плюралисттик талаасы бар болду.

Партия тизмелери боюнча мыйзым талаптары аялдардын, жаштардын жана улуттук азчылыктардын (аялдардын катышуусу жөнүндө XI-секцияны жана улуттар азчылыктар жөнүндө XII-секцияны кошумча маалымат үчүн караңыз) өкүлчүлүгүн камсыз кылат. Гендер квота талаптарына кошумча, талапкерлердин кеминде 15 пайызы 35 жаштан жаш болуш керек жана 15 пайызы ар кайсы улуттар азчылыктардан келиши керек. Жаштар жана улуттар азчылыктардын тизмеде кайсы катарда туруу боюнча талабы каралган эмес.

Партиялар башында талап болгон 120 талапкерди камтыган тизмелерди каттоодон өткөргөн. Кээ бир партиялар бул квоталарга жооп берүү үчүн алгачкы тизмелерин БШКнын кеңеши менен өзгөрттү. Каттоо бүткөндөн соң 80 талапкер тизмеден чыгып, катарда кийинки турган тийиштүү тизмедеги талапкер алардын ордун алды, анда квота талаптары сыйланган эмес.[36] Ага карабастан, 33.5 пайыз аялдар жана 24.7 пайыз улуттук азчылыктардын талапкерлери болуп, тизмелер бары бир гендердик жана улуттук азчылыктардын талаптарына шайкеш келди. Эгер шайланган депутаттар мандаттарынан баш тартса, гендердик жана улуттук азчылыктардын квоталарын сыйлабай койсо болот, жыйынтыкта аялдардын, улуттук азчылыктардын жана жаштардын парламентте өкүлчүлүгү чектелди.

29 партиянын тизмелеринде жалпысынан 3,351 талапкерлер болду. БШК шайлоочулар үчүн талапкерлердин жаңыланган же талапкерлердин акыркы тизмесин жарыялаган жок; ошондо шайлоочулар шайлоо күнү ким талапкердигин койгону жөнүндө так билмек.

## VIII. ШАЙЛОО ӨНӨКТҮГҮ

10-сентябрда шайоо өнөктүгү расмий түрдө башталды. 26 саясий партиялардын өкүлдөрү 11-августта акыйкат үгүт ишин алып баруу жөнүндө Кодекске кол коюшкан. Алардын ичинен 16 партия шайлоого катышкан.

Июнь айындагы трагедиялык окуялардан жана ага байланышкан кээ бир саясий

---

35 Талап болгон депозиттин суммасы 500,000 сом (орто эсеп менен 8,000 Евро).

36 БШКнын 24-августтагы №170 чечими партиялардан тизмеден чыгып кетүү учурунда квота талаптарын сыйлоо менен талапкерлерди алмаштырууну талап кылган шайлоо кодексинин жобосун жокко чыгарган.

топтордун арасында ким жоопкерчиликти алат деген айыптоолордон кийинки абалдын чыңалуусуна карабай, шайлоо өнөктүгү өлкө боюнча тынч жана катуу атаандаштык менен өттү. Бардык 29 партия чоң тоскоолдуксуз же терс окуяларга кабылбай үгүт иштерин эркин алып барышты.[37] Бирок талапкерлерге каршы бир нече кол салуу учурлуры жөнүндө маалым болгон.[38]

Өнөктөш деп эсептелгендердин арасында да катуу атаандашуу жүрүп, үгүт иштери кайсы бир маселенин тегерегинде эмес, адамдар жөнүндө болду. Жыйындарга көп сандагы адамдар чогулуп жатты. Аларга катыштыруу үчүн бир нече учурда студенттер жана мамлекет кызматкерлерине акы төлөнгөн же басым жасалган.[39] Партиялар шайлоолор тынч өтүүсүнө жана өлкөнүн биримдигине чакырган жана жалпысынан башка партияларды ачык сындоодон алыс болушкан. Стабильдүүлүк, экономикалык өнүгүү, энергия жана азык-түлүк коопсуздугу жана миграция алардын үгүт иштеринде басымдуулук кылган. Айрым бир учурларда националисттик билдирүүлөр[40] жана шайлоодон кийин чыгып, добуштарды коргоп алуу чакырыктары да чыккан.[41] Бир нече ЕККУ/ДИАУБ ШБМдин маектештери кээ бир партиялар, эгер парламентке кирүү үчүн талап болгон аймактык 0.5 пайыздык босогодон өтпөй калса, шайлоо жыйынтыктарын таанымбай койот деп тынчсыздануу билдирген.

Шайлөө өнөктүгү өлкө боюнча өтө көрүнүктүү болду. Каржы мүмкүндүгүнө жараша саясий партиялар баннерлерди, жарнак такталарын жана плакаттарды орноткон, үймө-үө кыдырган жана шайлоочулар менен чакан жыйындарды өткөрүшкөн, баракчаларды тараткан же баннерлер жана мегафондор менен унааларды уюштурган. Чоңураак партиялардын көбүнчөсү массалык жыйындарды уюштурду, жана алар кеңири аудиторияны тарткан маданият иш-чаралары жана башка инновациялык үгүт ыкмалары менен коштолду.

Жергиликтүү бийлик өкүлдөрү үгүт иштерине бирдей шарттарды түзүү талаптарына жалпысынан жооп берди.[42] Жолугушуулар үчүн коомдук жайлар бардык партияларга

---

[37] 7-октябрда жарандык коом жана анын ичине кирген 7-апрел окуясында тууганадарын жоготкон жарандар *Ата-Журттун* Бишкектеги кеңсесинин алдында наразычылык акциясын өткөрдү. Наразычылык көрсөткөндөрдүн кээ бири күч менен кеңсеге кирип, документтерди көчөдө өрттөп, жарнак тактасын айрып таштады. Бул окуя *Ата-Журт* коштөрагасы мурдагы Президент Бакиевди бийлике кайра алып келем деп көрсөткөн деген видео жарыкка чыккандан кийин орун алды.

[38] *Ата-Журт* активисти 12-сентябрда Кызыл-Кыяда катуу сабалган жана ооруканага он күнгө жаткырылган. Кара-Балта, Суу-Башы жана Бишкекте үч талапкерге каршы күч колдонуу жөнүндө маалымдоо каражаттарындагы маалымат саясий өңүттө эмес экени тастыкталган.

[39] ЕККУ/ДИАУБ ШБМ Баткен, Ош жана Таластагы жыйындарда байкаган.

[40] *Ата-Журттун* 18- жана 20-сентябрда Жалал-Абад жана Таш-Көмүрдө өткөн жыйындарда партиянын бир лидери айтты, “бир гана [этникалык] кыргыздар бул өлкөдө жерге ээ болууга уруксат болуш керек.” Башкы прокурор бул лидерге националисттик билдирүү жасаганы үчүн эскертүү берди.

[41] ЕККУ/ДИАУБ ШБМ *Ата-Журттун* 18-сентябрда өткөн Таластагы жыйынынан маалымдады.

[42] Бишкекте жана Ошто кээ бир партиялар үгүт материалдарын уруксатсыз илинген жерлерден (дарактар жана монументтер) алууда жергиликтүү бийлик тартиптерди ишке бирдей ашырбай жатат деп арызданган.

бирдей шартта, акысыз, ремонт иштерин көтөрүү же буюмдардын ижарасына акы төлөө шарты менен берилди. Кээ бир плакаттарды айрып салуу же баннерлерди талкалоо учурлары байкалды. Бир нече учурда жергиликтүү өкмөт администрациялары байланышы бар партия үчүн ачык үгүттөө жасоо менен бир тараптуулукту көрсөттү. Бул Шайлоо кодекстин 30.13-беренесине каршы келет.[43]

Партия өкүлдөрү кайсы бир партияга байланышы бар убактылуу өкмөт же аймактык жана жергилитүү бийлик тарабынан добуш сатып алуу схемалары (белги коюлган бюллетендерди уюлдук телефонго сүрөткө тартып алуу сыяктуу), шайлоочуларга пара берүү жана административдик ресурстарды кыянаттык менен колдонуу жөнүндө тынчсызданууларын тез-тез билдирип турушту.[44] Бул сыяктуу айыптоолор үгүт иштеринде көп айтылды.[45] Бирок ЕККУ/ДИАУБ ШБМ аларга далил таба алган жок, жана алар сейрек учурда гана расмий арыздарга айланды.

## IX. ПАРТИЯ ЖАНА ҮГҮТ ИШТЕРИН КАРЖЫЛОО

Жарышып жаткан партиялар үгүт иштерин каржылоо үчүн банкта атайын эсебинен шайлоо фондусун ачуусу зарыл болду. Талапкерлер өздөрүнө шайлоо фонддорун ачууга укугу жок. Ошондуктан алар жеке үгүт иштери үчүн партиянын каржылоосуна көз каранды. Акчалай салымдар жарандардын жана юридикалык уюмдардын ыктыяры менен берген каражаттарынан, ошондой эле партиялардын жеке каражаттарынан түзүлдү. Белгисиз же кайрымдуулук түрүндө салымдарды же чет өлкөлүк жарандардын жана чет өлкөлөрдүн же чет өлкө мекемелеринен салымдарды алууга тыюу салынган. Партиялардын үгүт иштерине сарптоо каражаты 100 миллион сомдон турган (1.7 миллион евронун айланасында) жалпыга тийешелүү чектен ашпаш керек.

Саясий партиялар салымдар жана колдонулган каражаттар жөнүндө маалыматты камтыган жылдык киреше жана каражаттардын сарпталышы жөнүндө отчетту ар жылдын 1-мартына чейин жарыялап, анын көчүрмөсүн Адилет Министрлигине тапшыруусу зарыл. Бирок учурда көз карандысыз аудит жөнүндө мыйзам жобосу жок, жана бул отчеттордун тактыгын текшерүүгө жоопкерчиликти алган мекеме да жок.[46]

Кылдаттык менен жана көз карандысыз текшерүү механизмдердин жоктугу

---

43 Мисалы, Жалал-Абад облусунун губернатору *Ата-Мекен* партиянын эл менен жолугуу учурунда чыгып сүйлөгөн, ал эми Баткендин мэри жолугууларда КСДП талапкерлерине өзгөчө мамиле кылган. Бишкек шаарында жана Чүй областында ЕККУ/ДИАУБ ШБМ домкомдор расмий кызматынан тышкары караштуу үйлөрдө үгүт иштерине аралашып жатканын байкаган.

44 Башкы прокуратура Сокулук районунун администрация кызматкерине коомдук ресурстарды үгүт максаттарына иштетиши үчүн эскертүү берди. Жалал-Абадда ЕККУ/ДИАУБ ШБМ област губернатору *Ата-Мекен* партиянын жолугуусунда сөз сүйлөгөнү үчүн кеңири тараган сындар айтылганын байкаган.

45 14-сентябрды Премьер министрдин орун басары Азимбек Бекназаров шайлоочулар акчаны алып, бирок өздөрү каалагандай добуш берип, добуш сатып алуу сунуштарын өз кызыкчылыгы үчүн колдонууну сунуштады. Караңыз: http://www.akipress.com/_en_news.php?id=39808.

46 Саясий партиялар жөнүндө мыйзамдын 21-беренеси.

партияларды ачык-айкын каржылануусуна доо кетирет. Бул үгүт иштерин каржылоодо ачык-айкындуулукка терс таасирин тийгизет, анткени партиялар үгүт иштери үчүн өз фондун үгүттөө максаттарына колдонсо болот, бирок бул каражаттар үгүт иштерине колдонулган башка каражаттар үстүнөн каралган текшерүүлөрдөн бошотулган.

БШК үюштурган жана каржы жана салык адистерден турган аудит көзөмөлдөө тобу саясий партиялардын үгүт иштерине сарптоолорду текшерет. Үгүт иштерин каржылоо жөнүндө отчетторду карап жатканда, алар отчет мыйзам талаптарына шайкеш толтурулгандыгына баа берет. Алар маалымат каражаттарында үгүт иштери үстүнөн мониторинг жүргүзүү жана берилген сарптоолорду партиялар үгүттөө учурунда келишим түзгөн маалымат каражаттарынан алынган маалыматтары менен кайчы текшерүү боюнча кечеңдеген аракеттерин жасады.

Сарптоолор жөнүндө жыйынтыктоочу отчетту шайлоодон 10 күн кийин тапшыруу мыйзам талабына кошумча, БШК шайлоо күнүнө 10 күн алдын кошумча отчетту тапшырууну талап кылды.[47] Бул ачык-айкындуулукту кошумча бекемдөөгө мүмкүндүк түздү. Бирок бул маалыматты шайлоочуларга жарыялоо жөнүндө талап болгон эмес.[48] Эгер партия шайлоо күнүнө чейин үгүт иштерине сарптоо чекти 0.5 пайыздан көп ашып кетсе, БШК талапкерлерди камтыган тизмени каттоодон чыгара алат. БШКга ылайык, ар бир партия шайлоого чейинки үгүттөө боюнча каржы отчетун убагында тапшырды жана бардык талаптарга жооп берди.

31-октябрда БШК  29 партиянын 27синен үгүттөө боюнча жыйынтыктоочу отчетту алгандыгы тууралуу билдирди.49 Саясий партиялар жалпысынан үгүт иштерине 7 миллион евро сарпталгандыгын билдирди. Анын 56 пайызын парламентке кирген партиялар сарптаган.50 Өлкө боюнча 5 пайыздык босогодон өткөн партиялар шайлоо депозиттерин кайра алуу үчүн бул өтчетторду убагында тапшыруусу зарыл. Эгер партия жыйынтыктоочу өтчетту тапшырбай калса кандай санкциялар колдонулушу жөнүндө жобо мыйзымдарда каралган эмес.

## X. МАССАЛЫК МААЛЫМДОО КАРАЖАТТАРЫ

### A. УКУКТУК НЕГИЗ

Жаңы Конституция пикирди билдирүү, сөз жана маалымдоо каражжаттарынын эркиндигине гарант болуп берет. Ага кошумча, ал маалыматты алуу укугун камсыз кылат жана жала жабууну кылмыш катары эсептөөгө ачык тыюу салат. Бул жоболор

[47] 17-августтагы БШКнын № 163 чечими, 23-августтагы № 172 чечими менен өзгөртүлгөн түрүндө.

[48] Каржы отчетторун жарыялоо талабын мурда 2007-жылдын 25-октябрындагы БШКнын № 91 чечими камтыган. Бул талап кайра калыбына келтирилген эмес.

[49] Куруучулар партиясы жана *Эгемен Кыргызстан* үгүт иштерин каржылоо жөнүндө жыйынтыктоочу отчетун убагында тапшырган жок. Караңыз: 31-октябрдагы БШКнын № 328 чечими. БШК эки партияга санкция бергендиги же бербегендиги анык болбой жатат.

[50] БШК билдиргендей, саясий партиялар жалпы 457,590,146 сом банк счетторуна чогулткан жана анын 449,986,322 сому сарпталган.

журналисттердин позициясын бекемдеши мүмкүн, бирок башка мыйзамдар азырынча Конституция менен шайкеш эмес. 1997-жылдын Кылмыш кодекси жала айтууну кылмыш катары карайт жана 1999-жылдын Жарандар кодексиндеги жоболор жала айтуу иштери боюнча тийиштүү жарандык процедураларды камсыз кылбайт.[51] Бул маалымат сферасында чоң көйгөлөрдүн бири болгон журналисттер арасындагы өзүн-өзү цензуралоо тажрыйбасынын уланышына салым кошот.

БШКнын көргөзмөлөрү менен коштолгон шайлоо кодекси шайлоо өнөктүгү учурунда маалымдоо каражаттардын ишин жөнгө салган укуктук негизди башкарат.[52] Маалымдоо каражаттары талапкерлердин бирдей макамын бузбоого же кайсы бир саясий партияга же талапкерге колдоо көрсөтүүгө жол бербөөнү шайлоо кодекси талап кылат[53], бирок БШК көрсөтмөлөрү маалыдоо каражаттары жаңылыктарында же маалымат программаларында бул талаптарды кантип ишке ашыруу жөнүндө так маалымат бербейт. Ал маалымдоо каражаттарында үгүт иштерин алып баруу жана үгүт иштерин чагылдыруунун айырмасын так аныктай алган эмес.[54] Жыйынтыгында, шайлоодогу атаандаштар жөнүндө маалыматты жаңылыктарда берсе, ал маалымат үгүттөө болуп эсептелет. Маалымдоо каражаттарынын маалыматты кийлигишүүсүз таркаттуу укугу жана шайлоочулардын жаңылыктарда жана маалымат программаларында шайлоонун жана үгүт чараларын таразаланган жана бейтараптуу чагылдырууну алуу укугу сакталган эмес.

Маалымдоо каражаттарды үгүт иштерин так, калыс жана бейтараптуу кылып шайлоого байланышкан маселелерди чагылдыруу милдеттенмелеринен ажыраткан бул укуктук негизди ЕККУ/ДИАУБ ШБМдин маектештери чектөөчүлүк маанайда деп чечмелегенин бышыктады. Улуттук теле жана радио берүү компаниясы (УТРК) жана жеке теле станциялар мыйзам талап кылгандай кылып бардык шайлоо атаандаштарына бирдей шартарды камсыз кылалбай калуу чочулоодон улам жаңылык программаларында үгүт иштерин редактордук чагылдыруудан баш тартканын билдирди. БШК кошумча көргөзмөлөрдү даярдоодо эл аралык тажрыйбага негизделген шарттарды даярдоо үчүн маалымдоо каражаттардын юристтери же өкүлдөрү менен кеңешүү өткөрбөгөнү жана кызыкдар тараптардын пикирин сурабаганы тынчсызданууну жаратат.

Шайлоо кодекси саясий партияларга акысыз жана сатып алынуучу эфир убакытын камсыз кылуу менен мамлекет каржылаган жана коммерциялык маалымдоо каражаттарына түз чыгууга шарт түзөт. 180 чукул маалымдоо каражаттары БШКда каттоодон өтүп, саясий партияларга сатып алынуучу эфир убакытын жана басма аянтын

---

51 Маалымдоо каражаттарын жактоо боюнча жергиликтүү жана эл аралык топтор белгилегендей, ЕККУнун маалымат каражаттарынын эркиндиги боюнча Өкүлү колдоо көрсөткөн *Репутацияны коргоо боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жөнүндө Меморандумун* караңыз, 19-берене, Лондон 2005-жыл. Караңыз: http://www.article19.org/pdfs/analysis/kyrgyzstan-defamation.pdf.

52 17-августтагы БШКнын № 160 чечими күчкө киргизген «шайлоочуларга маалыматты берүү» жөнүндө көрсөтмө.

53 Шайлоо кодексинин 30.3-беренеси.

54 Көрсөтмөнүн 2.5-беренесине ылайык, атын же эмблемаларды камтыган шайлоо атаандаштары жөнүндө маалымат үгүттөө деп эсептелет.

бир шартта жана баасын коомчулука жарыя кылып камсыз кылууга укуктуу.[55] Саясий партиялардын каражаттарынан жана үгүт иштерине сарптоо боюнча расмий чектөөлөрдөн башка алар колдоно ала турган сатып алынуучу эфир убактысына жана басма аянтына чектөөлөр жок. Коммерциялык жарнамаларды күнүмдүк жалпы берүүлөрдүн 25 пайызын гана түзүш керек деген чектөө жобосу саясий жарнамаларга колдонулбайт.[56]

Электрондук маалымдоо каражаттары үстүнөн көзөмөлдөө боюнча мекеме жок болгондуктан БШК алардын үгүт иштерин чагылдырууда мыйзам талаптарына жооп берүүсүнө көз салган. БШК бузуулар болгон учурда эскертүү берүүгө укуктуу эле. Маалымат каражаттарына тийешелүү арыздар сотко же Башкы прокуратурага жолдонсо болот. БШК маалымдоо каражаттары үстүнөн натыйжалуу мониторинг жасоо үчүн керектүү ресурстардын жана методологиянын жоктугун жана ал жазылган арыздардын негизинде гана иштегенин билдирген.

Шайлоо өнөктүгү башталганына үч күн өткөндөн кийин, 30-сентябрда БШК маалымдоо каражаттарынан берүү тизмесин жана теле станциялардын саясий партиялар менен келишимдерин берүүнү суранган. БШК маалымдоо каражаттары жана үгүт иштерин каржылоо жоболоруна шайкеш келүүсүнө баа берүү үчүн кошумча мониторингдин жыйынтыгын сураган. 57 БШКда ресурстары жана методологиясы жок болгондуктан, ошондой эле кечиктирилген сурамдарынан улам бузуулар катталган учурларда натыйжалуу чара көрүлгөн эмес.

## B. Маалымат Чөйрөсү

Мамлекет каржылаган эки теле станция, УТРК жана *Коомдук телерадио компаниясынын* (*ЭлТР*) камтуу чөйрөсү өлкө боюнча жайылат, ал эми коммерциялык телестанциялар аймактарда чектелген түрдө гана берилет. Жарнамага керектөөлөр чектелгендиктен коммерциялык маалымдоо каражатары сейрек кезде өзүн каржылай алат жана редактордук көз карандысыздыгына доо кетире алган башка каржы булактарына көз каранды.

ЕККУ/ДИАУБ ШБМ сунуштамаларына ылайык, УТРК коомдук телерадио берүү кызматына айланган.[58] Байкоочулар кеңешинин 15 мүчөсүнүн баары шайланган жана жалаң гана коммерциялык эмес жана өкмөттүк эмес уюмдардан тандалган.[59] 30-августта ЕККУнун медия эркиндиги боюнча өкүлү байкоочулар кеңешинин

---

55 Шайлоо кодекстин 32.7-беренеси “бирдей шартты” бирдей баа, убакыт жана бирдей өлчөмдө берүү жана башка шарттар деп аныктайт.

56 Жарнама жөнүндө мыйзамдын 4- жана 11.4-беренелери.

57 Маалымдоо каражаттары боюнча “Маалымат мыйзам борбору” өкмөттүк эмес уюмдан.

58 30-апрелдеги Убактылуу өкмөтүнүн № 28 Декретин караңыз. Июнь окуяларына байланыштуу декрет 26-августта гана күчүнө кирген.

59 Партиялардын саясий кеңештеринин мүчөлөрү, депутаттар, жана мамлекет кызматкерлери байкоочулар кеңешинин мүчөлүгүнө кирбейт.

дайындалышын мактады жана аны өзгөчө келе жаткан парламенттик шайлоолордун алдында көрүүчүлөргө жаңылыктардын калыс жана бейтараптуу чагылдыруусуна ылдам кадамдарды жасоого чакырды.[60] Директордун дайындалышы боюнча кеңештин жана УТРК кызматкерлердин ортосундагы келишпестиктер,[61] жана анын өкмөттүн бюджетине каржылоонун негизги булагы катары таянуусу тынчсызданууну жаратууда.[62]

Чет өлкөлүк маалымдоо каражаттардын шайлоо өнөктүгүн чагылдырышы жана алардын айрым партияларга болгон айрым пикирлер боюнча калыс эместиги көйгөйлүү маселе болду. БШК Ар Намыс спутник жана кабель тармактары аркылуу берилген Россия Федерациясында жайгашкан маалыдмоо каражаттарын үгүт иштеринде колдонушун айптаган арызды кабыл алып, бирок канааттандырган эмес.[63]

## C. ҮГҮТ ИШТЕРИН МАССАЛЫК МААЛЫМДОО КАРАЖАТТАРЫНДА ЧАГЫЛДЫРУУ

Үгүт иштердин жүрүшүн жана аларды маалымдоо каражаттарында чагылдырууга баа берүү үчүн үгүт учурунда ЕККУ/ДИАУБ ШБМ кыргыз жана орус тилдериндеги алты теле станцияга, эки радио станцияга жана алты гезитке көз салды.[64]

Мамлекет каржылаган бардык маалымдоо каражаттары, УТРК телеберүүсү *ЭлТР*, УТРК радиоуктуруусу, *Еркин Тоо*, *Кыргыз Туусу* жана *Слова Кыргызстана* гезиттери[65], атаанаштарга акысыз эфир убакытты жана басма аянтты камсыз кылуу боюнча өздөрүнүн мыйзым милдетин аткарышты. Анын ичине жеке программаларды сунуштоо үчүн теледе 20 минуттук убакыт, бир партия тарабынан бир дебатта жана бир тегерек столдо катышуу кирет. Шайлоочуларга партиялардын жана талапкерлердин платформалын жана пикирлерин салыштыруу үчүн мүмкүндүк түзгөн УТРК

---

60 Караңыз: http://www.osce.org/fom/item_1_45873.html.

61 УТРК кызматкерлери Илим Карыпбеков мырзанын бул орунга байкоочулар кеңешинин алдыңкы талапкери болуп чыгып келүүсүнө нааразычылык билдиришип, учурдагы убактылуу директор Кубат Оторбаев мырзага колдоо көрсөттү. Карыпбеков мырза талапкердигин чакырып алгандыктан, жаңы башкы директордун дайындалышы шайлоодон кийинки убакытка калтырылган.

62 Коомдук телерадио берүү кызматынын көз карандысыздыгын бекемдөө үчүн алардын каржы системасы киреше үчүн ар башка булактарды камсыз кылышы зарыл. Караңыз: ЕККУ маалымат каражаттардын эркиндиги боюнча өкүлү: *Коомдук телерадио берүү кызматы: Жаңы кыйынчылыктар, жаңы чечилиштер*, 2003-жыл март айы; окуса болот: http://www.osce.org/documents/rfm/2003/03/26_en.pdf

63 БШКнын көрсөтмөсүнүн 3.24-беренеси Кыргыз Республикасынын аймагында берилген чет өлкөлүк маалымдоо каражаттары аркылуу үгүт ишин алып барууга тыюу салат.

64 УТРК телеберүүсү, *ЭлТР* коомдук телерадио компаниясы, 5-канал, *Пирамида*, *Независимое Бишкекское Телевидение* (НБТ) жана Ош ТВ станцияларына көз салынды. Ага кошумча ЕККУ/ДИАУБ ШБМ эки радиого - УТРК радиоуктуруусу жана *Азаттык* радиосуна, жана алты гезитке – *Дело №*, *Учур*, *Агым*, *Форум*, *Слово Кыргызстана* жана *Вечерний Бишкек*, көз салды.

65 ЕККУ/ДИАУБ ШБМ *Эркин Тоо* жана *Кыргыз Туу* гезиттерине көз салган жок, бирок партиялардагы жана маалымдоо каражжатарындагы маектештери алар тийиштүү басма аянттарын атаандаштарга камсыз кылды деп маалымдашты.

берүүлөрдүн эң мыкты болүгүндө тогуз телетаймашууну көрсөттү.[66] Бирок берилген акысыз эфир убактылары (жеке платформаларын сунуштоо үчүн жалпысынан 20 саат жана телетаймаш жана тегерек столдор үчүн 25 саат) жаңылыктарда калыс маалымдоонун жоктугуна же сатып алынуучу эфир убакыттын оор басымдуулугуна тең келе алган жок.

Мамлекет каржылаган маалымдоо каражаттары тарабынан партияларга берилген акысыз убакытка кошумча, электрондук маалымдоо каражаттары жаңылыктарда жана күнүмдүк иштер жөнүндө программаларда үгүт иштерин жалаң гана саясий партиялар тарабынан чыгуу үчүн төлөнгөн маалымат аркылуу чагылдырган (түз чыгуу программалары).[67] Бул маалымдоо каражаттары шайлоочуларга үгүт иштери жөнүндө жалаң гана жактоочулук маалыматты бергендигин билдирет. Мониторинг болуп жаткан теле станциялар[68] эфирдин эң мыкты бөлүгүндө жалпысынан 104 саат төлөнгөн саясий жарнама көргөздү. УТРКда төлөнгөн эфир убакыттын жарымынан көбү *Республика*, *Ар Намыс*, *Ак Шумкар* жана *Ата Мекен* тарабынан сатып алынган.[69] Мониторинг болуп жаткан башка теле станциялар кээ бирде бир саатка созулган программаларды сатып алган аз гана партия тарабынан ушул сыяктуу басымдуулукту көрсөткөн.[70] Ошондуктан электрондук маалымдоо каражаттары, анын ичинде УТРК шайлоочулар толук маалыматтын негизинде тандоо жасоо үчүн жетиштүү өлчөмдө жаңылык жана маалымат программаларында калыс маалыматты бере алган эмес.

Мониторинг болуп жаткан теле станциялардын сатып алынуучу саясий жарнамасын жаңылыктарында чыгаруу тажрыйбасы коммерциялык кызыкчылыктар журналисттердин адистик оюнан жогору турганын билдирет. Жакында дайындалган байкоочулар кеңештин чечими менен кубаттоочу өзгөрүү жасалды. 14-сентябрдан баштап УТРК төлөнгөн саясий жарнаманы жаңылыктардан кийинки телекөрсөтүү блогуна жылдырып, сатып алынган жарнама деп так белгилеп, жаңылыктардан бөлдү.

---

66 Акысыз эфир убакыт телетаймаштарда БШКда чүчү кулак кармоо менен тандалган үч же төрт партиялардын өкүлдөрүн катышты. Бул телетаймаштарды эл аралык донорлор колдоду.

67 Кее бир теле станциялардын жаңылыктарда төлөнгөн саясий жарнамалар тийиштүү түрдө белгиленгени менен, теле станциялар үгүт иштерин саясий партиялар менен болгон келишимдин негизинде жаңылыктарында чагылдырган, бирок төлөнгөн саясий жарнама экенин белгилеген эмес.

68 Ош ТВ чектелген аймакта гана көрсөтүлгөндүктөн бул тизмеге киргизилген эмес.

69 УТРКда сатып алынуучу убакыттын баасы башка коммерциялык жарнамалардан беш эсе кымбат болду.

70 Көрүүчүлөрдүн эң чоң бөлүгүн ээлеген коммерциялык 5-каналда *Республика* сатып алынуучу убакыттын 27 пайызын алды, ал эми *Ак Шумкар* 11 пайызын, *Акыйкат* 12 пайызын жана *Ар Намыс* 15 пайызын сатып алышты. *Пирамида* телеканалында саясий жарнаманын 50 пайызын КСДП сатып алды. Мамлекет каржылаган *Слова Кыргызстана* гезитинде сатып алынуучу басма аянттын 52 пайызын *Ата Мекен* сатып алды. Эң белгилүү коммерциялык гезит болуп саналган *Вечерний Бишкек*те *шайлоо* жарнамалардын 50 пайызын *Республика*, КСДП жана *Ата-Журт* сатып алды.

## XI. АЯЛДАРДЫН КАТЫШУУСУ

Президент Роза Отунбаева көрүнүктүү өзгөчүлүк болуп, аялдар саясатта көп кездешпейт жана чечим чыгаруучу орундарда өкүлчүлүгү чектелген. Саясат адат боюнча эркектердин чөйрөсү, ал эми аялдар жарандык коом секторунда башкаруучу орундарды ээлешет.

Бир жыныста талапкерлер 70 пайыздан көп эмес болуш керек жана тизмеде эркек жана аял талапкерлердин аралыгы үч орундан көп болбошу керек деген жыныс квотасы аялдардын парламентте өкүлчүлүгүн көбөйтүүгө багытталган. Бирок жыныс квотасы парламентте орундарды бөлүштүрүүдө эмес, талапкерлердин тизмелерине гана тийиштүү колдонулат. Бул биринчи жолу 2007-жылы колдонулганда, парламентке шайланган аялдардын саны 25.6 пайызды түзгөн. Бул шайлоодо катталган талапкерлердин 33 пайызы аялдарды түзсө да, жаңы парламентте депутаттардын 23.67 пайызы гана аялдар.

Аял талапкерлердин тизмедеги катарда турган жери алардын ийгиликке жетишүүсүнө таасирин тийгизди. Жетишкендикке жеткен бардык саясий партиялар аял талапкерлерди тизмелеринин эң төрүнө ар бир үч орундан кийин коюуу менен негизги минималдык талапты аткарып, 30 пайыздык жыныс квотасын аткаруу үчүн тизменин этегине карай аялдарды кое баштады.[71] Талапкерлер тизмесинде төргө карай коюлган аялдардын жалпы пайызы жана чындыгында парламентке шайланган аялдардын пайыздык катыштыгы бирдей. БШК чечими катарда туруу боюнча жыныс талабы алгачка талапкерлер тизмесине гана тийиштүү колдонулат деп аныктама берген. Натыйжада, талапкерлер атаандашуудан чыгып кеткен учурда катардагы орду боюнча талап сөзсүз эле сакталган эмес.[72]

Жалпысынан, саясий партиялар көрүнүктүү үгүт чаралардын көпчүлүгүн эркек талапкерлерге берген да, аял шайлоочуларды кызыктыруу үчүн үгүт стратегиясын иштеп чыгышкан эмес.[73] Аялдар саясий чогулууларда эркектер менен бирдей санда катышканы менен, аял талапкерлерге сейрек учурда гана адамдардын алдында сүйлөөгө мүмкүнчүлүк берилген. Үгүт материалдары көп учурда аял менен эркектин адаттык ролдорун чагылдырган жана аял талапкердикине караганда эркек талапкердин сүрөтүн төрт эсе көп көрсөтүү ыктымалдыгы болгон. Аял талапкерлери жөнүндө маалымат каражаттарында кабарлар аз болду жана алар төлөнгөн саясий жарнамада беш пайыздан көп эмес учурда гана чагылдырылган.

Аялдардын кеңири өкүлчүлүгү шайлоо комиссиялардын төмөнкү деңгээлдеринде байкалган, 74 бирок жогорку деңгээлде алардык өкүлчүлүгү чектелген болчу. БШК төрт

---

[71] Жарышта катышкан үч партия гана аялдарды тизменин төрүнө койду, ал эми төртөө аялдарды төрайымдыкка койгон.

[72] Жети партиянын акыркы тизмеси катардагы орду боюнча алгачкы талаптарга жооп бербейт.

[73] Аз эле партиялардын ичинде аялдардын жигердүү иштеген комитети болгон.

[74] Шайлоо күнү көз салынган шайлоо участкаларында УШК мүчөлөрдүн 68 пайызын аялдар түздү

аялдан жана тогуз эркектен турду. ОШКлардын мүчөлүгүндө 36 пайыз аялдар, алардын тогуз комиссиянын экөөсүн аялдар жетектейт.

## XII. УЛУТТУК АЗЧЫЛЫКТАРДЫН КАТЫШУУСУ

Шайлоодо катышып жаткан 29 саясий партиялардын бардыгы улуттук азчылыктарды талапкерлер тизмелерине киргизүү боюнча мыйзым талаптарына жооп берди. Шайлоо күнү талапкерлердин тизмесине 15 пайыз же андан көп улуттук азчылыктардын өкүлдөрү кирген. Жалпысынан, талапкерлердин 25 пайызы башка улуттук азчылыктар топторунан турган. Бирок айрым өзгөчө учурларда гана болбосо, алар тизмелерде жеңүүчү орундарына коюлган эмес.

2009-жылдагы каттоого ылайык, этникалык өзбектер өлкөдө эң чоң азчылык тобун түзөт (14.3 пайыз); бирок партия тизмелеринде өзбек тектүү талапкерлер 3.6 пайызды гана түздү. Этникалык орустар жана украиндер жалпы элдин 8 пайызын түзсө да, партия тизмелеринде 11.5 пайыз өкүлчүлүккө ээ болуштуу.[75]

Улуттук азчылык коомчулуктары шайлоого өлкө боюнча жигердүүлүк менен катышты жана кээ бир партиялар шайлоо өнөктүгүндө азчылыктардын добушун алууга аракет жасашты. Партиялар жана талапкерлер өздөрүнө жаккан тилде үгүт ишин алып барууга мүмкүндүгү болду, бирок кыргыз жана орус тилдери көбүнчө этникалык өзбектер жашаган жерде да дээрлик ар дайым колдонулуп жатты.[76]

Июнь окуялары жана жаңы этникалык кагылышуу коркунучу түштүктө үгүт иштери болбой калуу мүмкүндүгүн жаратканы менен, ЕККУ/ДИАУБ ШБМ этникалык өзбектердин чогулуштарга барганын, бирок сейрек гана эл алдында сүйлөгөнүн байкаган. Билдирүүлөргө караганда, өзбектер шайлоо күнү жандуу добуш беришкен.

Июнь окуялардын жыйынтыгында түштүк аймактарында 4,000ге чукул жарандар аты-жөнүн тастыктаган документтерин жоготушкан жана андан көбү жашаган жерин которууга мажбур болушкан. Алардын көбү этникалык өзбектер. Бул алардын шайлоого катышуу мүмкүнчүлүгүнө терс таасирин тийгизди да, алардын көбү добуш бере албай калды (шайлоочуларды каттоо боюнча VI секциясын да караңыз).

Комиссия кызматкерлерин даярдоо сабактары кыргыз жана орус тилдеринде өттү жана, ЕККУ/ДИАУБ ШБМ белгилегендей, тил тоскоолдуктарынан улам катышуучулар берилген көрсөтмөлөрдү дайым эле толугу менен түшүнө алган жок. Расмий шайлоо

---

жана алардын 55 пайызын аялдар жетектеген.

75 Талапкерлердин кошумча 8.6 пайызы корей, уйгур, дунган жана татар сыяктуу башка улуттук азчылыктардан турду.

76 Июнь окуясынан кийин өзбек тилинде көрсөтүлгөн, Ошто жайгашкан *Мезон ТВ* жабылган. Июнь окуясынан кийин Ош ТВнын ээси алмашып, ал өзбек тилиндеги программаларына чек койду да, толугу менен кыргыз тилде көрсөтүүлөргө өтүп кетти. Бул этникалык өзбектердин шайлоого байланыштуу маалымат алуу мүмкүнчүлүгүнө таасир тийгизди.

материалдары жана бюллетендер кыргыз жана орус тилдеринде камсыз кылынды.[77] ТШКлардын болжолунда, орто эсеп менен бюллетендердин 30 пайызы орус тилинде басылып чыгарылган. Этникалык азчылыктардын шайлоону башкаруу администрациясынын бардык деңгээлдеринде өкүлчүлүктөрү байкалган жана ЕККУ/ДИАУБ ШБМ комиссиянын ичинде этникалык топтордун ортосунда кызматташууда эч кандай көйгөй байкаган жок.

## XIII. АРЫЗДАР ЖАНА АППЕЛЯЦИЯЛАР

Шайлоо кодекси жана Жарандык-процессуалдык кодекси мыйзам чегинде укукту калыбына келтирүүнү жана шайлоого байланышкан арыздарды кароо үчүн бир нече жолду камсыз кылат. Шайлоодо катышкан тараптар үгүт жоболорунун бузулушу жөнүндө тез-тез айтканы менен, алар колдо бар чараларды чектелген түрдө колдонууну чечишти. Шайлоо алдында шайлоо комиссияларына же сотторго аз гана арыздар түшкөн.[78] Арыздар көп учурда так эмес түзүлгөн деп кабыл алынган эмес же туура эмес юрисдикцияда жазылган.[79] Бул жаатта шайлоо кодекси арыздын маңызын жана мүмкүн болгон жазаны же оңдоолорду эске алуу менен, айрым арыздарды мыйзам чегинде кароого жоопту органдарды так аныктабайт.

БШК негизинен арыздарды берилген мөөнөттүн чегинде карады. Бирок көп арыздар кайсы бир суроо боюнча коллегиалдык чечимдин жыйынтыгында эмес, бейформалдуу түрдө каралган жана жообу кат түрүндө жазылып, БШК төрагасы кол койгон. Аз гана арыздар отурумдарда каралган. БШК ЕККУ/ДИАУБ ШБМге маалымдашынча, көп арыздар кат түрүндө тапшырылгандыктан алар расмий арыз катары каралбайт жана БШК отурумдарында талкууланууга укугу жок. Бирок бул тажрыйба арыздарды сессияларда караган жана жазуу түрүндө чечимдерди убагында чыгарган коллегиалдык орган катары БШКнын укуктук милдеттемелерине каршы келет. Бул, ЕККУнун 1990-жылкы Копенгаген документинин 5.10-параграфында жана ЕККУнун 1991-жылкы Москва документинин 18.2-параграфында айтылгандай, арыздануучулардын укукту натыйжалуу калыбына келтирүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыратканы да ыктымал.[80]

Шайлоого байланышкан аз гана сот иштери катталган. Райондук сот *Туран* партиянын мурдагы жетекчисин *Эгемен Кыргызстан* партиянын тизмесинен чыгаруу боюнча арызын далили жок деп канааттандырган жок. Жогорку сот да бул чечимди колдоду. Райондук сот мыйзамсыз үгүт материалдарын таратып жаткан деп табылган эки

---

[77] БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин № 25 жалпы комментарии билдирет, «добуш берүү жөнүндө маалымат жана материалдар улуттук азчылыктардын тилинде даяр болуш керек».

[78] БШК ЕККУ/ДИАУБ ШБМге шайлоо күнүнө чейин 50дөй гана арыз түшкөн деп кабарлаган, бирок ал 31-октябрда шайлоо учурунда 679 арыздар жана аппеляциялар жазылганын айтты.

[79] Жогорку деңгээлдеги комиссияга арызды жолдоо - мыйзым түрүндө укукту калыбына келтирүүнүн милдеттүү шарты. Шайлоодон кийин райондук сотторго жолдонгон бир нече арыздар юрисдикция себептеринен улам кароосуз калган.

[80] Эки докемент тең ЕККУга мүчө мамлекеттер “ар бир адам фундаменталдык укуктарга жана укуктук чындыкты камсыздоо үчүн административдик чечимдерге каршы укукту калыбына келтирүүнүн эффективдүү чараларына ээ” кылууга милдеттемелерды алган деп билдирет.

жаранга каршы жазаларды буюрду. Ысык-Көлдө райондук сот ОШКга мурдараакта акысыз эфир убакытын бөлүүдө чүчү кулак тартуудан чыгарылган Коммунист партиясын кайра киргизүүнү буюрду.

Шайлоо учурунда Башкы прокуратура жана анын аймактык кеңселери аларга келген 135 майда кылмыштардын ичинен сегиз кылмыш жана алты административдик иштерин козгоду. Белгилеп кетчүү жагдай, үгүт иштери жүрүп жатканда улуттар арасында араздашууну козутуу айыбы менен *Ата-Журт* партиясынын коштөрагасына каршы кылмыш иши козголду. Ага кийин эскертүү берилди. Талас областынын прокурору *Бүтүн Кыргызстан* партиясына добуш сатып алуу айптоолордон кийин эскертүү берди. Күч органдары *Айыл Турмушу* гезитинин *Ар Намыс*, *Бүтүн Кыргызстан*, *Ата-Журт* жана *Республика* партияларына каршы каралоочу маалыматты камтыган таң калаарлык көп санда чыгарган басма нускасын камакка алды, жана Башкы прокуратура кийин бул ишке иликтөөнү баштады.

## XIV. ЖЕРГИЛИКТҮҮ ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК БАЙКООЧУЛАР

Шайлоо кодекси жергиликтүү жана эл аралык байкоочуларга шайлоо жараянына көз салууга укук берет. Саясий партиялар өкүлдөрүн шайлоону башкаруу администрациясынын бардык деңгээлдерине дайындай алат. Укуктук негиз байкоочулардын катышуусуна өбөлгө түзөт жана жергиликтүү байкоочулар уюмдары үчүн бир жерден каттоодон өтүү зарылчылыгы жок. Бир нече байкоочу уюмдардан турган жандуу жарандык коом шайлоо жараянына ачыктыкты кошту. Демократия жана жарандык коом Коалициясы жана *Таза шайлоо* көп сандагы узак жана кыска мөөнөт байкоочуларды жиберди, шайлоого чейин жана андан кийин отчетторду жарыялады, шайлоо жыйынтыгын чыгарууда параллелдүү саноо жасады жана шайлоочулар тизмелерин үстүнөн чектелген текшерүү жасады. Либералдуу жаштардын Альянсы жаштардын катышуусуна көңүл бурду жана *Перемена* УШКлардын куралуусуна көз салды.

БШК 32 эл аралык өкмөттүк жана өкмөттүк эмес уюмдардан, ошондой эле жеке мамлекеттерден 850 эл аралык байкоочуларды каттады.

## XV. ШАЙЛОО КҮНҮ

Укуктук негиз шайлоочуларга добуш берүү үчүн кеңири мүмкүндүктөрдү түзөт. Кадимки добуш берүүгө кошумча, шайлоо күнү каттоо боюнча жашаган жеринен алыста болгон шайлоочуларга мөөнөтүнөн мурда жана “открепительный талон” менен добуш берүү мүмкүнчүлүгү берилген. Аскер, тартип сактоо кызматкерлери, кеңеш берүү укугу бар комиссия мүчөлөрү же убактылуу чет өлкөдө жүргөн жарандар мөөнөтүнөн мурда добуш бере алат. Ал 1- жана 9-октябрь аралыгында ТШКларда өткөн, бирок бул мүмкүнчүлүк кеңири колдонулган эмес.[81]

---

[81] БШКнын акыркы протоколдоруна ылайык, 1,027 шайлоочу гана мөөнөтүнөн мурда добуш берүү

Мыйзамда каралбаган, мөөнөтүнөн мурда көчмө урнага бюллетен салуунун эки факты Нарын областында жана Бишкекте орун алды. БШК жыйынтыктарды жокко чыгаруу менен Бишкекте буга каршы чары көрдү, бирок Нарындагы факт боюнча эч кандай кадам жасаган жок.

Катталган турак жайынан убактылуу алыста жүргөн жарандар сырттан добуш берүү үчүн 26-сентябрдан 9-октябрга чейин жашаган жериндеги УШКга арыз жазууга мүмкүндүгү болгон. УШК аралды шайлоочулар тизмесинен чийип, шайлоочулардын кошумча тизмесине киргизгенге жана шайлоо күнү каалаган шайлоо участогунда добуш берүүгө сырттан добуш берүү күбөлүгүн берет. 13,050гө жакын шайлоочулар сырттан добуш берүү күбөлүгүн алышкан, алардын ичинен 10,423ү ошол күбөлүккө кошуп добуштарын салды.

Көчмө урна менен добуш берүү мүмкүнчүлүгүн 43,300 шайлоочу колдонду. Алар ден соолук себептеринен улам үйдөн чыга албай калгандар, камакта отургандар, ооруканада жаткандар, алыскы аскер бөлүктө кызмат өтөп жаткандар[82] же алыскы жайлоолордогулар. 76,557 шайлоочу дипломаттык өкүлчүлүктөрдө же чет өлкөлөрдө башка атайын жерлеринде 44 шайлоо участоктору даярдалган.

## A. Добуш Берүү Процедуралары

Шайлоо участкалары 8:00дөн 20:00гө чейин шайлоочулар үчүн ачык болду жана жалпысынан убагында ачылды. Байкоочулар барган шайлоо участкаларындагы 84 пайыз ачууларга оң баа берилген. Милиция жана жергиликтүү администрациянын кызматкерлери сыяктуу уруксатсыз жүргөн адамдардын саны көп болгондугу жана комиссиялардын протоколдорду ачыкка илбегени же аларды бюллетендердин маалыматы менен толтурбаганы көз салынып жаткан шайлоо участоктордун 16 пайызына байкоочулар тарабынан терс баа берүүсүнө алып келди.[83] Ага карабастан, ачуу процедуралары негизилген аткарылган.

Шайлоо күнү абал тынч болду жана добуш берүү тартиптүү жана ачык түрдө өттү. БШК алдын ала катышуу 56.59 пайызга жеткенин кабарлады. Байкоочулар барган участкалардын 93 пайызында добуш берүү жараянын жакшы же өтө жакшы деп баалашкан. Добуш берүү учурунда процедуралар жалпысынан аткарылды, бирок байкоочулар барган участоктордун сегиз пайызында терс баа беришти. Бюллетендин түшүнүксүздүгүнөн келип чыгышы ыктымал, топ же үй бүлөө менен добуш берүү тогуз пайыз учурда жана сыя коюу процедуралардын бир ыңтайсыздык менен аткарылышы[84] процедураларын колдонду.

[82] Мыйзам боюнча, аскер кызматкерлери кадимки шайлоо участоктордо добуш берет.

[83] Ар бир бюллетени УШКнын кепилдик мөөрү менен басылышы зарыл, бирок алар шайлоо күнүнө чейин басылды. Бул алдын ала каралган кепилдик механизмдерин жокко чыгарды жана, шайлоо күнүнө чейин колго тийгендиктен, бюллетендердин кепилдик деңгээли төмөндөдү.

[84] Шайлоочулардын бармагына сыя дайым эле коюлган эмес. Көз салынган участоктордун 14 пайызында шайлоочулардын бармагын сыянын белгилерине текшерүү бир ыңтай аткарылган эмес.

беш пайыз учурда байкалып, көз салынган шайлоо участоктордо негизги маселе катары белгиленген. Добуш сатып алуунун эки фактылары байкалган. Анда топ адамдар шайлоо участоктун тышында кирип же чыгып жаткан шайлоочуларга акча таратып жатты.[85]

Партиялардын өкүлдөрү жана партияга кирбеген байкоочулар кирген жергиликтүү байкоочулардын санынын шайлоо күнү бою участокто бийик болушу ачык-айкындуу жараянга өбөлгө түздү.[86] Бирок көз салынган шайлоо участкалардын 24 пайызында байкалган көп сандагы уруксатсыз адамдардын жүргөнү тынчсызданууну жаратууда. Алар байкоо жүргүзүлгөн шайло участкалардын 10 пайызында добуш берүү жараянына кийлигишкендиги байкалган. Шайлоо участканын кызматкерлерин алардын кийген кемселинен оңой айырмаласа болот, бирок жергиликтүү байкоочулардын таанылуучу белгилери жоктугунан аларды уруксатсыз жүргөн адамдардан айырмалап танууга кыйын болду. Талапка жооп бербеген имарат же шайлоо участкасынын жайгашуусу жана кээ бирде адамдардын көбөюүп кетүүсү ачык-айкындуулукту төмөндөттү.[87]

БШК берилген шайлоо урналары бардык бюллетендерди батырууга көлөмү жетпей калуусун алдын ала билген эмес. Түштө ал УШКларды толгон урналарды мөөр басылган идишке же баштыктарга бошотууну жана бош, жаңы мөөр басылган урналарга добуш берүүнү улантууну суранды.

## B. Саноо Процедуралары

Жабуу процедураларына жана саноого өлкөдөгү 102 шайлоо участкаларында көз салынган. Барылган ар бир үчүнчү шайлоо участкасындагы саноо жараянына жалпысынан терс баа берилди. Ал жерде аймактык өзгөрүүлөр байкалды. Жалал-Абад жана Талас областтарында өзгөчө терс баа берилди. Саноо процедуралары барылган шайлоо участоктордун дээрлик жарымында УШКлар тарабынан аткарылган эмес. Байкоочулар муну жалпысынан начар уюштуруу жана процедураларды начар түшүнүү менен байланыштырды, бирок комиссия мүчөлөрү процессти тездетүү үчүн талап болгон саноо процедураларын атайлап аттап кеткен учурларды да белгилешкен.[88]

Жыйынтыктоочу протоколдордун татаалдыгы аларды толтурууда кыйынчылыктарды жаратты. Туура эмес толтурулган протоколдор 20 пайыз учурда байкалган жана төрттөн

---

85 №2339 (Ак-Суу району, Жалал-Абад областы) жана №4088 (Акатал району, Нарын областы) участокторунун тышында байкалды. Жалал-Абад областынын прокурору *Республика* партиясынын пайдасына толтурулган бюллетендерди таратты делген үч адамга каршы кылмыш ишин козгоду.

86 Көз салынган участоктордо добуш берүү жана саноо учурунда партия өкүлдөрү дайым бар болушту жана жергиликтүү өкмөттүк эмес байкоочулар үчтүн экисинде гана бар болушту.

87 Байкоочулар барган шайлоо участкалардын беш пайызында имараттарды добуш берүү үчүн талаптарга жооп бербейт жана процессте ачык-айкындуулуктун деңгээлинин түшүшүн белгилешкен.

88 40 учурда УШК тандоо боюнча бөлүштүрүүгө чейин бюллетендердин жалпы санын тактаган жок; 23 учурда бөлүштүрүүгө жана саноого чейин көчмө жана бекитилген урнанын ичиндеги бюллетендер аралаштырылган эмес; 54 учурда бюллетендер бардыгы шайлоочунун тандоо белгисин ошол жерде болгондордун бардыгы көрө алгандай кылып көрсөтүлгөн эмес.

бир учурда УШК протоколдор үстүнөн контролдук текшерүүлөрдү баштаган эмес. Байкоочулар шайлоого чейин кол коюлган бирок толтурула элек протоколдорду 16 шайлоо участкасында жана карандаш менен толтурулган протоколдорду жети шайлоо участкасында байкады. УШК мүчөсү эмес адамдар 14 шайлоо участкасында саноодо катышкан. Протоколдор жана башка шайлоо материалдары жалпысынан түз эле ТШКларга алып келинген.[89]

## C. Жыйынтыктарды Чыгаруу

Шайлоо өткөн түнү байкоочулар 57 ТШКнын 42синде жыйынтыктарды саноого көз салды. ТШКга жеткирилген жыйынтыктар протоколдордун онунан төртөөсүнө өзгөртүүлөр киргизилген. Бул УШКлар аларды тийиштүү түрдө толтурууда олуттуу кыйынчылыктарга кабылганын чагылдырат. Протоколдордун көпчүлүгү ошол жерде эле ТШК тарабынан өзгөртүлгөн, жана, мыйзам талап кылгандай, протоколдорго өзгөртүү киргизердин алдында УШКларга кайра санап чыгуу буюругун сейрек учурда гана берген.[90] Байоочулар протоколдогу өзгөртүүлөр жалпысынан туура деген баа беришкен, бирок айрым учурда сандар контролдук теңдемелерге чактоо үчүн гана өзгөртүлгөнүн байкаган. Жалпысынан, байкоочулар барган 11 ТШКда (26 пайыз) жыйынтык чыгаруу жараянына терс баа беришкен.

Байкоочулар жалпысынан жыйынтык чыгаруу жараянынын бардык аспекттерине, анын ичинде ГАС Шайлоо системасы аркылуу жыйынтыктарды электрондук түрдө киргизүү, катышууга мүмкүнчүлүгү бар болду.[91] Жергиликтүү байкоочулар, анын ичинде партиянын өкүлдөрү, көз салынган ТШКлардын үчтөн экисинде бар болушкан жана жараяндын ачык өтүүсүнө салым кошушту. Бирок көз салынган 29 ТШКда имараттардын тардыгынан же жыйынтык чыгаруу ар башка бөлмөдө өтүп жаткандыктан, алар жыйынтык чыгарууга туура келбейт жана ачык-айкындуулукту чектейт деп баа беришти. Бардык көз салынган ТШКларда уруксатсыз жүргөн адамдар болгону менен, алар эки учурда гана бул жараянга кийлигишкени байкалды.

# XVI. ЖЫЙЫНТЫКТАРДЫ ЖАРЫЯЛОО ЖАНА ШАЙЛООДОН КИЙИНКИ КЫРДААЛ

Референдум убагында сыяктуу эле, ачыктыкты жогорулатуу үчүн кылынган оң аракетте, БШК шайлоо участкаларына бөлүнгөн жана ТШКлардан *ГАС Шайлоо* аркылуу берилген электрондук маалыматка негизделген алдын ала жыйынтыктарды түнү бою Интернет баракчасына чыгарды.

12-октябрда чыккан шайлоонун алдын ала маалыматына ылайык, 198,456 шайлоочу участкаларда шайлоочулар тизмесине киргизилген жана 46,514 чыгарынлган. Ошондо

---

89 Кара-Суула (Ош областы) №5196 УШКсы акимиятка маалымат берүү үчүн токтоп, анан ТШКга кетти.

90 Базар-Коргондун ТШКсынан (Жалал-Абад областы) сырткары, байкоочулар ТШКлар өтө аз учурда гана кайра санап чыгууга боюрук бергенин байкады.

91 Өзгөчүлүк болуп, Балыкчы, Кочкор жана Таш-Көмүр ТШКларында байкоочуларга толук катышууга мүмкүнчүлүк берилген эмес деп кабарланган.

каттоодон өткөн шайлоочулардын өлкө боюнча жалпы саны 3,004,361ге жетти. Бул сандын негизинде БШК парламентте орундарды бөлүштүрүү үчүн өлкө боюнча жана аймак боюнча алдын ала босоголорду эсептеди жана, алдын ала жыйынтыктар боюнча, беш партия – *Ата-Журт*, КСДП, *Ар Намыс*, *Республика* жана *Ата Мекен* – босоголорду ийгиликтүү аттады деп жарыялады. Алтынчы орунду шайлоочулардын 4.84 пайызы алып, өлкө боюнча 5 пайыздык босогого 0.16 пайыз жетпей калган *Бүтүн Кыргызстан* ээледи.

Ошондон кийин *Бүтүн Кыргызстан* шайлоочулардын кошумча тизмелеринин жалпы саны жасалма түрдө асмандатылган деп, өлкөнүн ар жерлеринде нааразычылык акцияларын уюштурду, анын ичинде Ош шаарындагы ачкачылык акциясы, жана БШК босоголорду 15-сентябрда жарыяланган шайлоочулардын алдын ала 2,852,419 сандын негизинде эсептөөнү талап кылды. Бул мыйзамга каршы келмек. Алардын саноосу боюнча, ошондо *Бүтүн Кыргызстан* босогодон өтмөк. Алгач кээ бир партиялар алардын талаптарын колдоду жана берилген шайлоочулар тизмесиндеги маалыматтын тактыгына ачык шек келтирип башташты.

Оң маанадагы жооп катары, 14-октябрда БШК саясий партияларды алардын БШК тарабынан жарыяланган УШКлардын протоколдоруна туура келбеген көчүрмөлөрүн тапшырууга чакырды. БШК протоколдордун ортосунда келишпестиктерди текшерүү үчүн жумушчу топ түздү. Партиялар тарабынан тапшырылган протоколдорду карап чыккандан кийин, БШК саясий партиялар менен чогулуп, УШКлардын бардык протоколдорун текшерди жана көбүнчө протоколдордун татаалдыгына жана адамдык факторго байланышкан шайлочулар тизмесиндеги маалыматта көп каталарды тапты. Анын үстүнө, бул каталар шайлоо жыйынтыгына сейрек кезде гана таасирин тийгизди. Натыйжада, БШК УШКлардын 1,406 протоколдорундагы шайлоочулар тизмелерине өзгөртүү киргизди. Андан кийин, протоколдорду текшерүү жараянында табылган келишпестиктери жоюлбаган кошумча 92 шайлоо участоктору боюнча БШК жана саясий партиялар акттарды түзүштү.

БШК ошол 92 участоктогу шайлоо материялдардын түп нускасын кароо боюнча саясий партиялардын өкүлдөрү менен макул болду жана 17-октябрда шайлоо документтердин бардыгын Бишкеке алып келүүнү буюрду. 26-27-октябрда БШК шайлоочулар тизмелеринин түп нускасын партия өкүлдөрү, байкоочулар жана маалымдоо каражаттардын көзүнчө ачык түрдө карады. Шайлоочулар тизмесинин түп нускасын карагандан кийин, БШК калган келишпестиктердин көпчүлүгүн оңдоду жана бир нече УШК протоколдорундагы шайлоочулар тизмесин жөнгө салды. Ар кандай процедуралык бузуулардан улам беш УШКнын протоколдору жокко чыгарылган.[92] Андан кийин БШК тийиштүү ТШК жана ОШКлардын протоколдорун оңдоду. Текшерүү жараяндын жыйынтыгында, катталган шайлоочулардын саны (сырттан

---

[92] БШК №5474 (бюллетендерде УШКнын мөөрү жок), №5065 (добуш саноо убагында бузуулар), №52907 (891 шайлоочулар тизмесинде паспорттун номери жок), №5301 жана №5558 (жасалма кол тамга) шайлоо участыктарында жыйынтыктарды жокко чыгарды. Булардын бардыгы Ош шаарында же Ош областында орун алды.

добуш бере ала турган жана чет өлкөдөгү шайлоочулардан тышкары) 30,874кө өстү.[93]

Ошол эле убакта, БШК чет өлкөдөгү шайоо участкаларынан алып келинген протоколдорду текшерди. Процедуралык чоң бузуулар табылып, БШК чет өлкөдөгү 44 шайоо участоктун 22синин жыйынтыктарын жокко чыгарды.[94] Бир нече учурда БШК прокуратурадан олдоксондугу үчүн дипломаттык миссиялардын жетекчилерине каршы чара көрүүсүн суранган.[95]

1-ноябрда БШК акыркы жыйынтыкты жарыялап, беш партия эки босогодон өткөнүн бышыктады. БШК парламентте 28 орунду *Ата-Журтка*, 26ны КСДПга, 25ти *Ар Намыска*, 23тү *Республикага* жана 18ди *Ата Мекенге* берди. Шайлоочулардын катышуусу 55.31 пайызга жеткени айтылды.[96] *Бүтүн Кыргызстан* босоголорду кайрадан санап чыгуу талабын кайталоо менен акыркы жыйынтыктарды талашып, сотко кайрылды. Акыркы жыйынтыктарга каршы бул жана башка бир нече партия, анын ичинде *Бүтүн Кыргызстан*, тарабынан берилген арыздар четке кагылды. Партия жетекчилери арасында коалиция түзүү боюнча сүйлөшүүлөр бул отчет жазылып жатканда дагы эле жүрүп жаткан.

Шайлоодон кийин бир нече талапкерлер баш тарткандан соң, жаңы парламент 28 аял депутат (23.33 пайыз) жана улуттук азчылыктардын 14 депутаты менен чогулду.[97]

БШК акыркы жыйынтыктоочу протоколдорду өзүнүн Интернет баракчасына чыгарган жок, ошондой эле жети областтык, Бишкек жана Ош шаардык шайлоо комиссиялардын протоколдорун да жарыялаган жок. Мыйзым боюнча, аларга БШК өзүнүн протоколдорун негиздеш керек. Жыйынтыкта, анын ичинде босоголорду саноону текшерүү максатындагы маанилүү маалымат жалпы коомчулукка берилген эмес.

Акыркы жыйынтыктарды жарыялоонун алдын, БШК отурумунда юридикалык

---

93 БШКнын 28-октябрдагы №321 чечимин жана 29-октябрдагы №323 чечимин караңыз.

94 Чет өлкөлөрдөгү жыйынтыктоочу протоколдордун жокко чыгарылышы шайлоочуларды аты-жөнүн тастыктоочу документи жок кошумча тизмеге киргизүү, бюллетен алганда окшон колдордун көп жолу коюлушу же шайлоочулар тизмелерине тийиштүү мекеменин жетекчиси тарабынан мөөр коюлбай жана күбөлөнбөй калышы себеп болгон.

95 Көп сандагы шайлоочуларды кошумча тизмеге жана шайлоочулар тизмелериндеги көп сандагы окшош кол тамгалар өзгөчө тынчсызданууну жаратты.

96 Шайлоочулардын 2.58 пайызы көчмө урнаны колдонду жана 0.62 пайызы сырттан добуш берүү күбөлүгүн колдонду. Мөөнөтүнөн мурун добуш берүү 0.06 пайызды гана түздү. Жараксыз бюллетендердин жалпы саны, анын ичинде жыйынтыктары жокко чыгарылган 25 УШКнын маалымат, 3.69 пайызга жетти. Чет өлкөдө берилген добуштардын 68.14 пайызы 20 УШКнын жыйынтыктары жокко чыгарылгандыктан жараксыз болуп табылган. Бул жокко чыгарылган участоктордон эске албаганда, жараксыздыктын пайызы 1.15ти гана түздү.

97 Шайлоодон кийин *Республикадан* шайланган алты талапкер жана *Ата Мекенден* бирөө мандаттан баш тартты. Алардын ордун тийиштүү партия тизмесинде кийинки турган талапкер алды. Тизмеден чыгуулар жаңы парламенттин гендердик балансына таасирин тийгизген жок, бирок бир улуттук азчылыктан келген талапкердин орду этникалык кыргыз менен толуктанды. Жаңы парламентте жети этникалык орус, үч этникалык өзбек жана алтоо башка улуттук азчылыктардан келгендер бар. Депутаттар министр болуп дайындалса ордунан кетиши зарыл.

бөлүмүнөн 679 арыз жана аппеляциялар шайлоо учурунда алынгандыгы жөнүндө отчетту укту. Алардын көпчүлүгү тактоо боюнча сурамдар болуп айырмаланганы менен, алардын 255и көбүнчөсү партиялардан келген жана арыз катары каралган, бирок кат түрүндө жооп берилген. Оттузу сотко же прокуратурага жөнөтүлгөн, ал эми калган он алтысы мамлекеттик коопсуздук кызматына же милицияга жиберилген. БШК бир да арыздын маңызы боюнча суроо көтөрбөй туруп, отчетту угуп койду.

Шайлоодон кийинки мезгилде, тилекке каршы, БШК байкоочулар жана кеңеш берүү укугу бар мүчөлөрү үчүн жабык жумушчу отурумдарды алып баруу тажрыйбасын күчөттү. Бирок алар кээ бир учурда саясий партиялардын өкүлдөрү үчүн ачык болду. Текшерүү жараянында шайлоо атаандаштардын катышуусу мактоого татыктуу болгону менен, бул тажрыйба шайлоодогу башка кызыкдар тараптар, анын ичинде жактоочу эмес байкоочулар үчүн ачык-айкындуулукту чектеди. 9- жана 25-октябрдын аралыгында расмий отуруму болбосо дагы, БШК протоколдорду текшерүү жараяны тууралуу маанилүү процедуралык чечимдерди кабыл алды. Анын ичине бардык материалдарды Бишкеке чакыртып алуу боюнча 17-октябрдагы чечим да кирет. Шайлоо кодексине ылайык, мындай чечимдер отурумдарда кабыл алынышы керек эле. БШКнын айрым чечимдери анын жабык отурумдарындагы кабыл алынган чечимдерине шилтеме жасайт. Бул ошол убакыт аралыгындагы БШКнын ишинин мыйзымдуулугуна шек келтириши мүмкүн.[98]

## XVII. СУНУШТООЛОР

Бул сунуштоолор шайлоо жараянын жакшыртуу боюнча билдирген аракеттерин эске алуу менен төмөнкү сунуштоолор кароо үчүн Кыргыз Республикасынын бийлигине, саясий партияларга жана жарандык коомго берилет. Бул сунуштоолор ЕККУ/ДИАУБдун мурунку сунуштоолоруна кошумча катары каралышы керек. ЕККУ/ДИАУБ шайлоо жараянын мындан нары жакшыртуу үчүн бийликке көмөктөшүүгө даяр турат.

### A. НЕГИЗГИ СУНУШТООЛОР

1. Жаңы Конституциянын жоболоруна, ЕККУнун милдеттемелерине жана башка эл аралык стандарттарга шайлоо кодексин шайкеш келтирүү үчүн аны кайра карап чыгуу керек. Бул сыяктуу карап чыгуу жараяны мамлекеттик бийликтин, саясий партиялардын, жарандык коомдун, аялдардын жана улуттук азчылыктардын өкүлдөрүнүн катышуусу менен ачык, бардыгын камтыган жана кеңешүү түрүндө өтүүсү маанилүү.

2. Борборлоштурулган, шайлоочулардын электрондук тизмесинин түзүлүшүнө көңүл бурулуш керек. Андан участкалар үчүн шайлоочулардын тизмеси чыгарылат, жана

[98] БШКнын 28-октябрдагы №321 чечими БШКнын 26-октябрдагы №9дан №7чейинки чечимдерине шилтеме жасайт. ЕККУ/ДИАУБ ШБМдин маалымат боюнча, бир да БШКнын отуруму ал күндөрү өткөн эмес.

бул кайталанып киргизүүлөрдү жана каталарды аймактык жана улуттук деңгээлде кайчы текшерүүгө мүмкүнчүлүк берет. Мүмкүн болуучу каталарды табуу үчүн шайлоочулардын бул электрондук тизмесин жашаган жери боюнча маалымат менен салыштырсы да болот.

3. *Прописка* каттоо системасынын жарандар чындыгында кайсыл жерде жашап жатканын так чагылдырбагандыгын эске алганда, бул улуттук каттоо системасы шайлоочулардын тизмесин негиздегенге так маалыматты камсыз кылуу үчүн кошумча реформалардан пайда гана табат. Бул шайлоочулардын тизмелеринин тактыгын жана бардыгын камтуу сапатын да жакшыртат. Мындай реформалардын натыйжасында күбөлүк аркылуу сырттан добуш берүү жана шайлоо күнү шайлоо участкаларында шайлоочуларды кошумча тизмелерге каттоо муктаждыгы жоголот.

4. Эл аралык тажрыйбага ылайык, парламентте орундарды бөлүштүрүүдө босоголорду катталган шайлочулардын санына эмес, салынган жарактуу добуштардын санынын негизинде саноого көңүл бурулушу керек. Аймактык босого кайра каралып чыгыш керек, анткени ал пропорционалдык өкүлчүлүк системасынын принциптерине доо кетириши мүмкүн.

5. Шайлоо комиссиялардын мүчөлөрүн окутуу иш-чаралары мындан дагы күчөтүлүшү керек. Саноо, протоколдорду толтуруу жана жыйынтыктарды чыгаруу боюнча кадамдуу процедураларды даярдоо көрсөтмөлөрүнө киргизүү аракеттери каралса болот. Эффективдүүлүктү көтөрүү үчүн этникалык топтор аралашып жашаган жерлерде кыргыз жана орус тилдеринен башка каалаган тилдеринде окутууну камсыз кылуу маанилүү.

6. Уруксат берүү, электрондук маалымдоо каражаттарына көз салуу жана маалымат боюнча мыйзымды ишке ашыруу үчүн көз карандысыз профессионалдуу көзөмөлдөө мекемени түзүүнү сунуштайбыз. Шайлоо учурунда бул сыяктуу көзөмөлдөө мекеме үгүт иштерди чагылдыруу боюнча көрсөтмөлөрдү кабыл алмак, маалымдоо каражаттарынын мыйзым чегинде иштешине көз салмак, бузууларга жооп берип, маалыматка байланышкан шайлоо боюнча талаш-тартыштарды БШК менен чогу жөнгө салмак.

7. Маалымдоо каражаттары жаңылыктарында жана маалымат программаларында үгүт иштерди калыс жана таразаланган маанайда чагылдыруу боюнча мыйзам талаптарын аткарыш керек. Эл аралык тажрыйбага ылайык, шайлоо кодексинде бул жоопкерчиликти шайлоо учурунда кеңейтүүгө көңүл бурса да болот. Маалымдоо каражаттарында шайлоону жана үгүт иштерин чагылдырууну жеңилдетүү үчүн, кодекс маалымдоо каражаттарында үгүттөө менен үгүт иштерин чагылдыруунун ортосунда айырманы такташ керек. Үгүт иштерин чагылдыруу үгүттөө катары саналбаш керек.

8. Арыздарды натыйжалуу кароо үчүн шайлоо комиссиялары бардык арыздарды жазуу

түрүндө алып, карап чыгып, жооп бериш керек.

9. Шайлоо жараянында өзүнүн бардык милдетин убагында жана эффективдүү аткаруу үчүн БШКга жетиштүү санда адам жана каржы ресурстарды камсыз кылыш керек. Партиялар берген каржы отчетторду эффективдүү кароо үчүн БШКнын аудит тобуна көбүрөөк ресурстарды берүү пайдалуу болот.

10. Тактыкты күчөтүү үчүн жана ТШКлардын деңгээлинде оңдоолорду киргизүү муктаждыгын азайтуу үчүн жыйынтыктоочу протоколдор кыскартылышы жана жөнөкөйлөштүрүшү керек.

## B. БАШКА СУНУШТООЛОР

### Мыйзам

11. Шайлоо кодексин кайра карап чыгууда көз карандысыз талапкерлердин парламенттик шайлоого баруу укугуна, шайланган депутаттардын парламенттик фракциядан өз каалоосу менен чыгуу же ага кирүү укугуна, жана ошондой эле камакта отурган жарандардын кылган ишинин оордугуна жараша добуш берүү укугу үстүнөн чектөөлөрдү жеңилдетүүгө өзгөчө көңүл бурулушу керек.

12. Парламентке сунушталган талапкерлердин саны партия ээ боло ала турган парламент орундардын санына барабар болушун сунуштайбыз. Шайлоочуларга шайлоо күнү кайсы талапкерлер катышып жатканы жөнүндө маалыматты камсыз кылуу үчүн БШК катталган талапкерлердин жаңыланган жана акыркы тизмесин чыгарууну караса болот.

### Шайлоону Башкаруу

13. БШК шайлоо жараянынын бардык жактарында жана шайлоону башкаруунун бардык деңгээлдеринде ачыктыкты бекемдөөнү улантуусу маанилүү. Бул жаатта, БШКны өзүнүн чечимдерин дароо жарыялап туруусун мыйзым менен бекитсе болот.

14. ТШКлар жетиштүү бөлмө жана инфраструктура менен камсыз болуш керек. ЕККУ/ДИАУБ мурда сунуштагандай, жергиликтүү өкмөт өкүлдөрү тарабынан ыктымал болгон кийлигишүүлөргө каршы кепилдик катары ТШКлар мамлекеттик бийлик имаратынын тышында жайгаштырууну караса болот.

15. Төмөнкү деңгээлдеги комиссиялардын мүчөлөрүн тандоо талаптары шайлоону башкарууга болгон ишеничти күчөтүүгө багытталган. Комиссия мүчөлөрүн тандоодо алардын билимдик даярдыгы жана тажрыйбасы кош талап катары колдонулушу болот. Шайлоочулар топтору тарабынан дайындалган комиссия мүчөлөрү кала турган болсо, алардын партия мүчөсү эмес деген макамын күчкө киргизүү ыкмалары каралышы керек.

16. Шайлоочуларды адаштырбоо үчүн бюллетендердин түзүлүшү жөнөкөйлөштүрүлүшү жана көп тилди камтыган жалгыз бюллетен каралыш керек.

**Шайлоочуларды Каттоо жана Шайлоочулар Тизмеси**

17. Шайлоочулардын акыркы тизмесинин бүтүндүгүн бекемдөө үчүн шайлоо алдында шайлоочулар тизмелерине өзгөртүү жана кошумчалардын кигизүүнүн акыркы күнүн киргизүүгө көңүл бурулса болот.

18. Ачык-айкындуулукту бекемдөө үчүн шайлоо алдында шайлоочулардын тизмесиндеги маалыматты шайлоо участкаларга бөлүп, борбордон, мисалы БШКнын Интернет баракчасында чыгарууну караштырса болот. Шайлоочулардын экинчи алдын ала тизмесин УШКларда коомчулуктун назарына жарыялоо тажрыйбасын жандандыруу каралышы керек. Бул ачык-айкындуулукту жана шайлоочулар тизмедеги маалыматты текшерүүгө болгон мүмкүндүгүн бекемдейт.

**Талапкерлерди Каттоо жана Шайлоо Өнөктүгү**

19. Партиялардын бюллетендеги катары жана акысыз эфир убакыттын бөлүштүрүлүшүнө убакыт берүү үчүн шайлоо кодекси талапкерлерди каттоо бүткөн жана үгүт иштери башталган күндөрдүн аралыгында кыска убакытты аныктаса болот эле.

20. Бирдей шартта үгүт иштерин алып баруу үчүн бардык атаандаштарга жакшыраак мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылса болот. Анда жергиликтүү бийлик үгүт материалдары үчүн чоңураак аянтты берип, бул тууралуу чечимдерди жалпыга билдирүү талабы коюлушу керек.

21. Ачык-айкындуулукту жана жоопкерчиликти кепил кылуу жана шайлоочуларга маалыматты камсыз кылуу үчүн партиянын жана үгүт иштеринин каржылоосуна көз карандысыз көз салуу күчөтүлүшү керек. Саясий партиялардын үгүт иштерин каржылоо боюнча алдын ала отчетторун шайлоо алдында жалпыга жарыялоо талабы коюлса болот. Бул шайлоочуларды айрым партиялардын донорлору жөнүндө кабарлайт.

**Массалык Маалымдоо Каражаттары**

22. Журналисттер жаңылыктарда жана маалымат программаларында үгүт иштерин чагылдырууда атаандаштардын бирдей укугу жөнүндө мыйзам жоболорун ишке ашыруу боюнча так көргөзмөнү алса, аларга пайдалуу болот.

23. Эл аралык тажрыйбага ылайык, жала жобуу кылмыш иши катары каралбаш керек. Анын үстүнө, жала жабуунун тегерегинде талаш-тартыштар адилеттүү чечилишине негиз болуу үчүн жарандык мыйзамга өзгөртүүлөр киргизилиши керек.

24. Партиялар сатып ала алган эфир убакыттын жалпы санына чек коюу мүмкүндүгү

каралса болот. Бул шайлоо атаандаштарына калыс жана адилет шарттарды коюга жол ачат.

**Аялдардын Катышуусу**

25. Талапкерлердин акыркы тизмесине да тийиштүү колдонуу үчүн гендердик бөлүшүү талабын кеңейтүү мүмкүндүгүн караса болот. Ага кошумча, кеткен талапкердин ордуна ошол жыныстагы талапкерди коюу жана аялдардын тизмедеги ордун жогору коюу талабын саясий партияларга койсо болот.

26. Саясий партиялар аял талапкерлерге шайлоочулар менен жолугушууларда сөз сүйлөөгө жана үгүт материалдарында жана жарнамаларда чыгууда эркек талапкерлерге берилген бирдей мүмкүнчүлүктөрдү бериш керек.

27. Саясий партиялар аял шайлоочуларды тартуу жана партиянын аял мүчөлөрүн жетектөөчү орундарга чыгаруу жолдорун издеши керек.

**Улуттук Азчылыктардын Катышуусу**

28. Шайлоодо улуттук азчылыктардын катышуусун бекемдөө үчүн бийлик өкүлдөрү жана саясий партиялар шайлоочулар үчүн маалыматты жана үгүт материалдарын алар колдонгон тилде чыгарууну карап чыгып, колдоосу керек.

29. Шайлоого тийиштүү мыйзамга өзгөртүү киргизүү учурунда улуттук азчылыктардын тыгыз катышуусун камсыз кылуу үчүн мамлекеттик бийлик алар менен кеңешиши зарыл.

**Арыздар**

30. Арыздын маңызына жана укукту калыбына келтирүү жолдоруна же жазага жараша, кабыл алуучу ар бир органдын мандаты боюнча көбүрөөк тактыкты мыйзам камсыз кылса болот.

**Шайлоо Күнү**

31. Бармакка сыяны ыраатсыз түрдө коюу жана шайлоо участкаларында шайлоо жана саноо учурунда жана ТШКларда жыйынтыктарды чыгаруу учурунда көп санда адамдардын уруксатсыз жүрүүсү сыяктуу кеңири тараган кемчилдиктерди шайлоо администрациясы карашы зарыл.

32. Шайлоо күнү шайлоо участкалардын кызматкерлерине айырмалоочу кемселдери берүү тажрыйбасы кала берсе болот. Шайлоо участкаларында жана жыйынтык чыгаруу учурунда уруксатсыз жүргөн адамдарды уруксат берилген адамдардан так айырмалоо үчүн байкоочуларга айырмалоочу төш белгилерди берүүнү киргизсе болот.

33. Шайлоо администрациясынын муниципалдык, райондук жана аймактык

деңгээлдеринде жыйынтык чыгаруу жараянына байкоочулардын баа берүү укугу жана тийиштүү жыйынтык протоколдорун күбөлөнгөн көчүрмөлөрүн алуу укугу сыйланышы керек.

34. Ачык-айкындуулукту бекемдөө үчүн жана жарым-жартылай БШК тарабынан аткарылган пайдалуу тажрыйбадан кийин, шайлоонун алдын ала жана акыркы жыйынтыктарын шайлоо участкаларга, райондорго (ТШК), областтарга (ОШК) бөлүп, жана өлкө боюнча, борборлошкон булакка жарыялоо талабын БШКга койсо болот.

35. Шайлоо жараянында өкүлдөрүнүн ролун бекемдөө үчүн саясий партиялар аларды окутуу аракетин көрсө болот.

36. Шайлоонун атайын участкалары, мөөнөтүнөн мурда, сырттан же көчмө урнага добуш берүү акрылуу бардык шайлоочуларга добуш берүү укугун камсыз кылуу аракети түшүнүктүү болгону менен, бул процедуралар тагыраак аныкталышы жана жакшыраак көзөмөлдүшү керек жана кыянаттык менен пайдаланууга каршы кепилдиктерге ачык болушу керек.

## ТИРКЕМЕ: ШАЙЛООНУН РАСМИЙ ЖЫЙЫНТЫГЫ

| | | |
|---|---|---|
| Шайлоочулардын Жалпы Тизмеси | 2,837,989 | |
| Шайлоочулардын Кошумча Тизмеси | 198,714 | |
| **Катталган Шайлоочулардын Жалпы Саны** | **3,036,703** | |
| | | |
| Шайлоо Участкаларда Добуш Бергендер | 1,635,383 | |
| Көчмо Урналарды Колдонгондор | 43,300 | |
| Мөөнөтүнөн Мурда Добуш Бергендер | 1,027 | |
| **Берилген Добуштардын Жалпы Саны (Катышуу)** | **1,679,710** | 55.31% |
| | | |
| Жараксыз (жокко чыгарылган шайлоо участкалары кирбейт) | 19,354 | 1.15% |
| Жараксыз Бюллетендердин Жалпы Саны | 61,956 | 3.69% |
| | | |
| Берилген Сырттан Добуш Берүү Күбөлүктөрүнүн Саны | 13,050 | |
| Иштетилген Сырттан Добуш Берүү Күбөлүктөрүнүн Саны | 10,423 | |

| **Саясий Партия** | **Добуштардын Саны** | **%** | **Парламентте Орундар** |
|---|---|---|---|
| **Ата-Журт** | **257,100** | **8.47** | **28** |
| **КСДП** | **237,634** | **7.83** | **26** |
| **Ар-Намыс** | **229,916** | **7.57** | **25** |
| **РЕСПУБЛИКА** | **210,594** | **6.93** | **23** |
| **Ата-Мекен** | **166,714** | **5.49** | **18** |
| Бүтүн Кыргызстан | 139,548 | 4.60 | |
| Ак-Шумкар | 78,673 | 2.59 | |
| Замандаш | 55,907 | 1.84 | |
| Мекен Ынтымагы | 46,070 | 1.52 | |
| Содружество | 35,560 | 1.17 | |
| БЭК | 32,355 | 1.07 | |
| Акыйкат | 24,431 | 0.80 | |
| Жашылдар Партиясы | 11,056 | 0.36 | |
| КДПК | 10,960 | 0.36 | |
| Эгемен Кыргызстан | 9,338 | 0.31 | |
| Республикалык партия | 8,574 | 0.28 | |
| Коммунисттер партиясы | 7,818 | 0.26 | |
| Афган согушунун ардагерлери | 7,487 | 0.25 | |
| СССР | 5,776 | 0.19 | |
| 7-Апрель | 5,484 | 0.18 | |
| Айкөл Эл | 5,311 | 0.17 | |
| Кыргызстан Элдерини Союзу | 5,066 | 0.17 | |
| Үй Куруучулардын Партиясы | 4,475 | 0.15 | |
| Жашасын Кыргызстан | 3,937 | 0.13 | |
| Экономикалык кайра жаралуу партиясы | 1,935 | 0.06 | |
| Каганат | 1,802 | 0.06 | |
| Ак-Тилек | 1,784 | 0.06 | |
| Ак Санат | 939 | 0.03 | |
| Либерал-Прогрессивдик партия | 671 | 0.02 | |

| | | |
|---|---|---|
| Бардыгына каршы | 10,839 | 0.36 |

Эскертүү: Орун алуу үчүн талап болгон өлкө боюнча беш пайыздык босого - 151,835.

## ЕККУ/ДИАУБ ЖӨНҮНДӨ

Демократиялык институттар жана адам укуктары боюнча бюро (ЕККУ/ДИАУБ) мүчө-мамлекеттерге «адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин толук урматтоону камсыздоого, мыйзам үстөмдүгүн сактоого, демократиялык принциптерди колдоого, демократиялык институттарды курууга, бекемдөөгө жана коргоого, ошондой эле бүткүл коомдун масштабында чыдамдуулукту өнүктүрүүгө» көмөк көрсөтүүгө багытталган (Хельсинки саммитинин документтери, 1992-жыл). Бул ЕККУнун адамзаттык өлчөмү болуп саналат.

Варшавада (Польша) жайгашкан ЕККУ/ДИАУБ «Эркин шайлоолор боюнча бюро» деген аталыш менен 1990-жылы Париж саммитинде негизделип жана өз ишин 1991-жылдын маи айында баштаган, бир жыл өткөн соң Бюронун аталышы анын мандатынын кеңейишине байланыштуу өзгөрүп, ага адам укуктары Жана демократташтыруу кирген. Бүгүнкү күндө Бюронун штатында 130дан ашуун адистер бар.

ЕККУ/ДИАУБ **шайлоолорго байкоо** жүргүзүү жагынан Европадагы алдыңкы уюм болуп саналат, жыл сайын бюро демократиялык шайлоолорду өткөрүү жана улуттук мыйзамдар боюнча ЕККУнун чектериндеги милдеттенмелер башка эл аралык стандарттарга ылайык келүү предметине ЕККУ регионундагы шайлоолорго баа берүү үчүн миңдеген байкоочуларды жиберүүнү уюштурат жана координациялайт. Анын уникалдуу методикасы шайлоо жараянынын бардык жагдайлары боюнча терендетилген талдоо жүргүзүүгө мүмкүндүк берет. Көмөк көрсөтүү боюнча долбоорлорду ишке ашыруу аркылуу ЕККУ/ДИАУБ катышуучу мамлекеттерге шайлоо инфраструктурасын жакшыртууга жардамдашат.

**Демократиялаштыруу** боюнча бюронун ишмердиги төмөнкүдөйтармактарды камтыйт: мыйзамдын үстөмдүгү, мыйзамдар, демократиялык башкаруу, миграция жана эркин жүрүү жана гендердик теңчилик чөйрөсүндө колдоо көрсөтүү. Жыл сайын ЕККУ/ДИАУБ демократиялык структаралары өнүктүрүү боюнча бир катар максаттуу программаларды ишке ашырат.

ЕККУ/ДИАУБ, катышуучу мамлекеттерге алар ЕККУнун адамзаттык өлчөм жагында кабыл алынган адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин бекемдөө жана коргоо боюнча алардын милдеттенмелерин аткарууга көмөк көрсөтөт. Буга кызматташтыкты стимулдоо, потенциалды өнүктүрүү максатында өнөктөрдүн кеңири чөйрөсү менен биргелешкен иштин аркасында жетишилет жана терроризмге каршы күрөшүү шарттарында адам укуктарын сактоо, жаш адамдарды сатуу курмандыктарынын укуктарын коргоону күчөтүү, адам укуктары жагында окутуу жана даярдоо, Адам укуктарын сактоого мониторинг жүргүзүү жана отчет түзүү, ошондой эле аялдардын укуктары жана алардын коопсуздугу сыяктуу тематикалык тармактарда тажрыйба бөлүшөт.

**Толеранттуулук үчүн жана басмырлоого каршы күрөшүүнүн чектеринде** ЕККУ/ДИАУБ катышуучу-мамлекеттерге жек көрүүнүн негизинде кылмыштарга, расизмдин чыгышына, ксенофобияга, антисемитизмге жана башкаларга каршы күрөштү активдештирүүгө колдоо көрсөтөт. Чыдамдуулукту жана басмырлабаган

мамилени камсыздоо боюнча ЕККУ/ДИАУБдун ишмердиги төмөнкүдөй тармактарга топтоштурулган: мыйзамдар, мыйзамдарды аткарууга ылайык келтирүү боюнча окутуу, мониторинг жүргүзүү, отчетторду даярдоо жана жек көрүүнүн негизинде кылмыштарга жана чыр-чатактарга жооп берүү реакциясын жөнгө салуу, ошондой эле чыдамкайлыкты, урматтоону жана өз ара түшүнүүнү кубаттоо боюнча агартуу иш-чаралары.

ЕККУ/ДИАУБ катышуучу мамлекеттерге **рома жана синти** элдүүлүк жагындагы алардын саясатынын маселелери боюнча консультация берет. Бюро рома жана синти коомдоштугунун потенциалын жана өз ара аракетин өнүктүрүүгө, рома саналат жана синти өкүлдөрү бийлик органдарына катышуусуна көмөктөшөт. ДИАУБдун бардык иш-чаралары ЕККУга катышуучу мамлекеттер, ЕККУ институттары жана талаа миссиялары, ошондой эле башка эл аралык уюмдар менен тыгыз координацияда жана кызматташтыкта жүргүзүлөт.

Интернет тармагындагы ДИАУБ сайтынан кошумча маалыматтарды алууга болот (www.osce.org/odihr).